# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №11 (309) | 29.11.2024. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru


# Эр достугу жүз жыл, Эл достугу миң жыл




Кыргызстанда 6-ноябрда Түрк мамлекеттер уюмунун өлкө башчыларынын жогорку деңгээлдеги 11-саммити өттү. Азербайжандын Президенти Илхам Алиев, Казакстандын Президенти Касым-Жомарт Токаев, Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёев, Түркиянын Президенти Режеп Тайип Эрдоган, Мажарстандын Президенти Виктор Орбан жана Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Президенти Эрсин Татар катышты.

Саммитке ТҮРКСОЙ, ТүркПА, Түрк инвестициялык фонду, ТМУнун Аксакалдар кеңеши, Түрк академиясы, Түрк маданияты жана мурасы фонду сыяктуу түрк кызматташтык уюмдарынын президенттери да катышты.

Саммиттин алдында ТМУнун Тышкы иштер министрлер кеңешинин жыйыны болуп өттү. Анда мамлекет башчылары кол кое турган документтерди жыйынтыктап, Уюмдун күн тартибиндеги түрдүү маселелерди талкуулашты. Жыйында ТҮРКСОЙдун Баш катчысы Султан Раев уюмдун бир жыл ичи аткарган иши жана келечек пландары тууралуу маалымат берди.

11-саммиттин жыйынтыгында ТМУнун мөөнөттүү төрагалыгы Казакстандан Кыргызстанга өттү. Саммиттин алкагында Бишкек декларациясы кабыл алынып, түрдүү тармактык макулдашууларга, чечимдерге жана протоколдорго кол коюлду. Кабыл алынган маанилүү чечимдердин катарында 2025-жылы Бишкек шаарынын Түрк мамлекеттер уюмунун санариптик борбору деп жарыяланышы, Түрк дүйнөсүнүн хартиясынын кабыл алынышы, Түрк дүйнөсүнүн Жашыл көз карашы: туруктуу келечек үчүн биримдиги, ТМУнун Ири түркий тил модели сыяктуу маанилүү пункттар бар.


Аркарбек МАМЫТОВ

Билим берүүдөгү мамлекеттик тилдин абалы



5-БЕТ

*“Кыргыз Туусуна” – 100 жыл*



8-БЕТ

Байас ТУРАЛ

ЭЛ БИЙЛИГИ ДЕГЕН ЭМНЕ?



7-БЕТ

# ЖАҢЫ РЕДАКТОРДОН АЛГЫ СӨЗ



**Урматтуу окурман!**

"Кыргыз тили" гезитинин башкы редакторлугуна киришип жатып эки ооз сөз козгогум келди. Санариптик заманга жараша гезит сейрек окулуп калды. Окурмандын азайганына карабай гезитти чыгара бергенге далалаттанып турабыз. Анткени гезиттин өзүнүн орду бар экени калетсиз. Окуп маалымат алуу менен угуп маалымат алуунун айырмасы да абдан чоң экени маалым. Гезитибизди замандын талабына жараша кыска, керектүү, кызыктуу материалдар менен байыталы деген ниетте ишибизди баштадык.

Кадырлуу окурман, эне тилибиз абдан байыркы жана бай тилдердин катарында экени айтылып келгени менен учурда бир топ көйгөйлөр бар экени талашсыз. Менимче тил көйгөйү ар качан эле болуп келген... Кыргыз тилинин көйгөйү айтылуу СССРдин доорунда, азыркы эгемен доордон кем эмес болгону маалым. Башкасын айтпаганда да Ата Журт, Ата Мекен, Ата Конуш деген керемет алп сөздөрдүн ордуна "Родина" деген сөз ээлеп алганы тарых беттеринде бакыйып жазылып турат. Эне тил качан, канткенде өнүгөт? Качан гана жарандарыбыз ата-эне канынан бүткөн баласына кам көргөндөй, наристесин сүйүп бапестегендей кыргыз тилине мамиле жасаганда, дүркүрөп өсөт деп ойлойм, окурман.

Архивдерибизде кылым карыткан гезит-журналдарыбыз азыр да күнү бүгүнкүдөй сакталып турат. Мына ошол кылым карыткан, кылым карытар гезит беттериндеги мыкты макалаларды ар бир саныбызга жарыялап турууга аракет кылабыз. Дал ушул сиз окуп атkan гезитти дагы мындан жүз жылдар өткөндө кийинки муундар окуп тамшанышсын... Эне тилин адабий тилде көркөм, таза сүйлөгөн, туура жазган сабаттуу муун келишине биргеликте эмгек кылалы.

Гезиттин аталышы "Кыргыз тили" аталган соң, атына затын жараштырып чыгарганга жамаатыбыз менен болгон дараметибизди жумшайбыз. Кыргыз тилинин саясатын жигердүү жүргүзүп, эне тилибиздин өнүгүшүнө колубуздан келишинче салым кошобуз деген изги тилектебиз!

**Эл-жерибиз кемибесин, эне тилибиз эскирбесин! Ар убак эне тилибизде элжиреше сүйлөшүп, пикирлешип жүргөнгө Жараткан өзү жар болсун!**

**Терең урматтоо менен "Кыргыз тили" гезитинин башкы редактору О. Жапар уулу**

# Мамлекеттик тилдин 35 жылдыгына арналган сынактын II этабынын жеңүүчүлөрү аныкталды



18-ноябрда Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев жана Мамлекеттик камсыздандыруу уюмунун башчысы Калдарбеков Элдияр жеңүүчүлөргө Алкыш баракчаларды жана заманбап үлгүдөгү планшеттерди тапшырды.

**1.** Абдиназаров Сагынбек Чаткалбаевич - КР Социалдык фонддун Ала-Бука райондук башкармалыгынын начальниги;

**2.** Милициянын майору Мукарамов Жыргалбек Абдыманапович - Баткен ОИИБдин ККНын Кинология кызматынын башчысы;

**3.** Корпобаев Элимбек Джаныбекович - Чүй облусунун Панфилов районунун мамлекеттик администрациясынын социалдык саясат секторунун башкы адиси;

**4.** Акматова Жылдыз Кыдыргычовна - КР Саламаттык сактоо министрлиги стратегиялык пландоо жана программаларды ишке ашыруу башкармалыгынын башкы адиси;

**5.** Абдырахманов Нурмат Маасбекович - КР Юстиция министрлигине караштуу Кайтаруу жана конвой менен коштоп жүрүү кызматынын оркестр башчысы аскердик дирижер майор.

Эскерте кетсек, Улуттук комиссия тарабынан мамлекеттик кызматкерлер арасында атайын төрт айлык жарыяланган. Мамлекеттик тилдин өнүгүүсүнө өзгөчө шарт түзүп, башкы өнөктөш болгон Мамлекеттик камсыздандыруу уюмуна ыраазычылык билдиребиз!

# Мамлекеттик тилди даңазалоо максатында тартылган видеороликтердин жеңүүчүлөрү аныкталды

18-ноябрда КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия жана Т.Океев атындагы "Кыргызфильм" улуттук киностудиясы мамлекеттик тилди даңазалаган, нарк-насил, каада-салт, үрп-адат, улуттук баалуулуктар тематикасында тартылган видеороликтер сынагынын жеңүүчүлөрүнө сыйлык тапшыруу аземи болуп өттү.

**Сынактын жеңүүчүлөрү болуп, төмөндөгү видеороликтер тандалды:**

**1-орун –** "Маңкурт" видеоролиги.

**2-орун –** "Тилдер кафеси" видеоролиги.

**3-орун -** "Самат менен Адилет" жана "Келечек" видеороликтери.

**Кызыктыруучу сыйлыктар:** "Конок", Эне тилдин эртеңи","Аян" жана "Саламатсыңбы, эне тил" видеороликтерине ыйгарылды.



Т.Океев атындагы "Кыргызфильм" улуттук киностудиясы менен Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан уюштурулган мамлекеттик тилди даңазалаган, нарк-насил, каада-салт, үрп-адат, улуттук баалуулуктар тематикасында тартылган видеороликтер сынагына 28 видеоролик катышып, киностудиянын алдында түзүлгөн атайын комиссиянын чечими менен жыйынтыктар чыгарылды.

Комиссия, жыйынтык чыгарууда сынактын жобосундагы шарттардын аткарылышы жана социалдык баракчалардагы жайылышы боюнча маалыматтарды эске алганын белгилейбиз.

# Бишкек шаарында Ч.Айтматовго арналган "Айтматов ааламы" сынагынын шаардык туру өттү

20-ноябрда Бишкек шаарындагы №75 жалпы орто билим берүү мектебинин базасында Ч.Айтматовдун чыгармаларына арналган "Айтматов ааламы" аттуу изилдөө-долбоор кароо-сынагынын шаардык туру өткөрүлдү. Иш-чара Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө мыйзамдын кабыл алынгандыгынын 35 жылдыгына, Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата мамлекеттик тилдин үч айлыгынын алкагында жана улуу жазуучунун 100 жылдыгына даярдыктын негизинде уюштурулган.

Сынакта райондук этаптан алдыңкы орундарды ээлеген жалпы билим берүү мектептеринин 8-11-класстарынын окуучулары катышты. Калыстар тобуна Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын жетектөөчү адиси Айнура Сооронбаева төрайымдык кылып, мүчөлөрү катары Билим берүү департаментинин адистери иш алып барышты.

**Сынактын жыйынтыгы:**

**I орун:** №78 орто мектебинин 10-классынын окуучусу Сапарали к Н;

**II орун:** №81 орто мектебинин 10-классынын окуучусу А.Н. Эсенбаева;

**II орун:** №66 орто мектебинин 10-классынын окуучусу Р. Шейгенбекова;

**III орун:** №77 орто мектебинин 11-классынын окуучусу А.Эсенбекова.

Бул иш-чара окуучулар арасында Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына кызыгууну арттырып, изилдөө жана чыгармачыл жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№11 (309)

29 11 2024

kyrgyztili@mail.ru

# 30-ЖЫЛДАРДАГЫ ПОЭТИКАЛЫК КОТОРМОЛОР



*(Уландысы. Башы өткөн санда)*

**Салижан ЖИГИТОВ**

Ырас, келтирилген ыр орус совет ыр өнөрүнүн ашкан өрнөктүү чыгармасы эмес. Анын мазмундук дасмиясы деле, ырдык фактурасы деле бир кыйла жупуну. Бирок анда Октябрь революциясынын шарапаты менен калың эл арасынан чыккан, анча-мынча алган билиминин аркасы менен чыгармачылык жолго түшкөн жаш акын өзүнө замандаш жаштардын идеологиялык түшүнүктөрүн, типтүү ой-сезимдерин, комсомолчул маанайын, романтикалык кыял-тилегин таасирленткидей күч менен айтууга жараган. Байкалып калгандыр, ыр баштан-аяк оозеки речтин жандуу интонациясы, лексикасы менен, көбүнчө каратма же буйрук сөздөр, суроолуу сүйлөмдөр менен жазылган.

*Ал эми ушул ырдын «Кечинде» деген ат менен кыргызчаланганы мындай:*

*Кызарыңкы күн да батты салкындап,*
*Үрөң-бараң таанылбады туш-туш жак.*
*Токто, жүрөк, толкубагын, сабыр кыл,*
*Шыбырашкан жылдыздардын сырын тап!*

*Көлдөй көктө кулач урган жылдыздар,*
*Эминени айтып, эмне жөндү шыбырлар.*
*Шуудураба, оңуп кеткен шинелим,*
*Тырсылдаба, такамдагы жез мыктар!*

*Айылдагы ойногондой бир топ жаш,*
*Комсомолдун уюмундай жатка кас.*
*Көктө бүгүн көңүл ачкан кызыл той,*
*Бийлөө, ырдоо, шыбырдашкан көз ымдаш.*

*Жылдыз жылып, уяңдыгын ашырат,*
*Түтүнгө окшош көк туманга жашынат.*
*Жаштар менен ушул түндө ойносоң,*
*Жүрөктөгү жаткан сырлар ачылат.*

*Мындай түндө сабыр кылып түн катып,*
*Тосуп алып аткан таңды нур чачып.*
*Жакшы эмеспи жаштар менен жол жүрсөң,*
*Чубактаган күн нуру бар жол басып.*

Ж.Турусбеков оригиналдын жалпы көлөмүн, строфалык бөлүнүшүн, негизги мазмундук элементтерин сактаган, бирок анын уйкаштык өзгөчөлүгүн, стилдик өзүнчөлүгүн «кыргызчалаштырып» (адаптациялап) берген, ошондой түп нусканын ичине катылган жаштык дымактын илебин саал өчүрүп, көтөрүңкү тоналдуулуктун күчүн кыйла эле басаңдатып салган. Экинчи жактан, «Вечер» ырынын Ж.Турусбеков жараткан вариантында ыр саптарынын кыналышы шалкы, сөздөрдүн колдонулушу өз ордунда эмес, көпчүлүк уйкаштар жармач, конкреттүү ой же элес алып жүрбөгөн сөз айкалыштары жана сүйлөмдөр бар. «Кечинде» ырын кыргыз тилиндеги оңунан чыккан поэзиялык текст деп санаш кыйын. Бирок ал өз тушундагы ыр түрүндөгү котормолордун эң бечарасы да болгон эмес, типтүүсү болгон.

Жалпылай айтканда, 1930-жылдары мезгилдүү басма сөздө, окуу китептеринде, индивидуалдуу ыр жыйнактарда көп сандаган поэзиялык котормолор, асыресе лирикалык ырлар жарыяланган. Алардын бир даары газета-журналдардын күндөлүк талаптарынан же окуу китептерин курастыруу муктаждыгынан жаралган, бир даары биздин акындардын жөн эле чыгармачылык кызыгуусунан улам которулган. А котормолордун дээрлик баары реалисттик таржыма өнөрүнүн бийик критерийлерине дал келбейт, тек анда-санда гана жарк этип көрүнө калгандары, аздыр-көптүр көркөм чыгарма касиетин алгандары жолугат.

## Пушкин

А.С.Пушкиндин «Балыкчы жана балык жөнүндө жомогу» 1937-жылы У.Абдукаимовдун котормосунда «Алтын балык жөнүндө жомок» деген ат менен жарык көргөн. Ошондон бери ал котормо өзүнчө китептер түрүндө, А.С.Пушкиндин кыргыз тилиндеги жыйнактарында, ошондой эле мектеп хрестоматияларында басылып келет. Анын эл ой-пикиринде мыкты котормо деген кадыр-баркы бар. Илимий адабиятта да ал ийгиликтүү чыккан таржыма деп бааланат .

Чынында да У.Абдукаимовдун колунан чыккан бу котормо өз доорундагы башка тилдерден кыргызчаланган чыгармалардын, асыресе А.С.Пушкиндин жомокторунун ичинде аттын кашкасындай бөлүнүп турат. Биринчиден, котормодо түп нусканын сюжеттик сызыгы, маанилик заты, образдык күчү анча бурмаланбай, бүдөмүк тартпай кайра көрүнгөн. Дагы бир белгилечү нерсе: эгер оригинал уйкаш жок, бирок муун саптары баштан-аяк кылка сакталган ыр өлчөмү менен жазылса, котормо кыргыз поэзиясы үчүн салттуу 6-7 муундан турган көбүнчө абвб, кээде абаб, кээде ар кыл тарызде уйкашкан ыр системасы менен кураштырылып, кыргыз окурманы өгөйлөбөй, кыйналбай кабыл алгыдай түрдө жаралган. Анда куюлушуп ойдогудай кыналган, кыргызча жандуу да, мукамдуу да угулган саптар аз эмес. Бирок жалпысынан алганда, «Балыкчы жана балык жөнүндө жомоктун» тунгуч кыргызчаланышын идеалдуу деп айтканга эч негиз жок. Анын бир катар сүйлөмдөрү кыргызча шыдыр кетпейт, жасалма туюлат, бир катар уйкаштары аябай элдир-селдир, далай саптары жаш үйрөнчүк калемден чыккандай өтө эле комсоо көрүнөт. Айтылган сөз ишинчиликтүү болсун үчүн бир үзүндү келтирели:

*Үйүнө ылдам чал кайтты,*
*Кемпирге укмуш сөз айтты:*
*«Бүгүн бир балык кармасам,*
*Жөн балыкка окшобойт,*
*Алтын экен карасам.*
*Сүйлөгөн бизче сөзү бар,*
*Коё бер сууга деп сурайт,*
*Кунум үчүн мен сага,*
*Берейин баарын деп сурайт.*
*Коё бердим балыкты,*
*Суроого оозум барбады.*

Сыртынан караганда бул үзүндүдө баары эле өз жайында тургансыйт. Цитаталанган текстти оригиналдагы текст менен салыштырып көргөндө да кандайдыр бир маанилик кайчылыктарды табыш кыйын. Бирок тиги текст кыргыз тилиндеги куюлушкан ырдык речтин көрүнүшү катары кабыл алынбайт. Ыр саптарында уйкаштар жок, жаңырыктап турган мукам жок, муун эсебин толтуруш үчүн гана кирип кеткен мите сөздөр көп. Ошондой эле айрым саптарда өз маанисинде иштетилбеген сөздөр да бар. Маселен, оригиналда торго түшкөн алтын балык балыкчы чалдан: «Мени деңизге коё бер, коё берген акыңа (откуп) мен сенин тилегиңдин баарын аткарып, бүткөрүп, бар кылып берем»,- деп жалбарып суранат. Ал эми котормодо ушул маани төмөнкүдөй берилип калган:

*Коё бер сууга деп сурайт,*
*Кунум үчүн мен сага*
*Берейин баарын деп сурайт.*

Албетте, мындагы айтылган ой түп нускадагы сүйлөмдөрдүн маңызын кыргыз окурманына ачык жеткире албайт, анын үстүнө «кун» деген сөз эне тилибизде «өлтүрүлгөн киши үчүн өлтүргөндөр тарабынан берилүүчү акы», анан да «бирдеменин баасы же наркы» деген гана түшүнүктөр берет. Тиги саптар жок эле дегенде: «Коё берген акыңа, тилегениң берейин, деп а балык безилдейт»,- дегендей которулууга тийиш эле.

Балыкчы чалдын котормодогу «Коё бердим балыкты, Суроого оозум барбады»,- дегени да окурмандарды, айрыкча мектеп жашындагы балдарды аңгүдүк калтырышы мүмкүн, себеби дегенде ал эки саптан балыкчы чалдын: «Балыкты сууга коё бердим, андан бирдеме тилеп-сурап алганга батынбадым»,- дегенин ачык-айкын аңдап алыш кыйын.

Айтор, «Балыкчы менен балык тууралуу жомоктун» биринчи жолу кыргызчалаганында өйдөкүдөй өксүктөр бир кыйла бар. Демек, аны кыргызча поэзиялык котормонун өрнөгү деп баалаганга эч негиз жок.

У.Абдукаимовдун бул котормосунун өтө жармач болбосо да ортозаар эле экенин анын текстин баштан-аяк илимий таризде талдап отургандан көрө төмөнкүдөй бир эксперимент айкын көрсөтөт. Мына, аталган жомоктун оригиналындагы баштапкы саптар:

*Жил старик со своею старухой*
*У самого синего моря;*
*Они жили в ветхой землянке*
*Ровно тридцать лет и три года.*
*Старик ловил неводом рыбу,*
*Старуха пряла свою пряжу.*
*Раз он в море закинул невод, —*
*Пришел невод с одною тиной.*
*Он в другой раз закинул невод, —*
*Пришел невод с травой морскою.*
*В третий раз закинул он невод, —*
*Пришел невод с одною рыбкой,*
*С непростою рыбкой, — золотою.*
*Как взмолится золотая рыбка!*
*Голосом молвит человечьим:*
*«Отпусти ты, старче, меня в море,*
*Дорогой за себя дам откуп:*
*Откуплюсь чем только пожелаешь».*

Ушул саптар У.Абдукаимов тарабынан төмөнкүчө кыргызчаланган:

*Көк деңиздин боюнда*
*Бир кемпир, чал болуптур;*
*Жер тамда алар турганга*
*Отуз үч жыл толуптур.*
*Чал деңизден күнүгө*
*Балык уулап жүрчү экен,*
*Кемпир дайым үйүндө*
*Ийик ийрип турчу экен.*
*Чал бир күнү эртелеп*
*Деңизге барып тор салды,*
*Тартып алса энтелеп,*
*Илип чыкты чөп-чарды.*
*Экинчи жолу абышка*
*Салса торун деңизге,*
*Толуп чыкты камышка.*
*Үчүнчү жолу тор салса,*
*Илинип чыкты бир балык,*
*Жөн балыкка окшобойт,*
*Алтын экен караса.*
*Кишиче сүйлөп жалынып,*
*Алтын балык кеп айтат:*
*«Коё бер мени, абышка*
*Мен деңизге кетейин*
*Кунум үчүн мен сага*
*Тилегениң берейин».*

Байкалып калгандыр, орусча текстте баяндоо логикасы талап кылгандан тышкары сөздөр, сөз айкалыштары, сүйлөмдөр жок, ар бир фраза же лексикалык каражат өз ордунда. Эгер анда айрым бир кайталоолор жолукса, алар функциялык (эстетикалык, стилистикалык) роль ойнойт.

Ал эми котормодо сөздөрдүн кыналышы борпоң, текст артыкбаш элементтерге, кыргызча нормада турат деп айтууга арзыбаган сүйлөмдөргө, ырдык речь катары кабыл алынбаган саптарга жыш.

Ушул эле текстти кыргыз тилинин лексикалык ресурстарын, поэзиялык мүмкүнчүлүктөрүн рационалдуу пайдалануу менен которуп көргөндө, ал болжол менен төмөнкүчө чыгышы мүмкүн. Бул котормо ушу окулуп жаткан саптардын авторунун калемине таандык:

*Жок экен да, бар экен,*
*Бир кемпир, бир чал экен.*
*Көк деңиздин жанында,*
*Жер төлөдөй тамында*
*Отуз үч жыл чал, кемпир*
*Өткөрүп тириглик,*
*Балык кармап бакыр чал,*
*Бакыр кемпир жип ийирип.*
*Бир күнү чал эртелеп*
*Деңизге тор чөгөрүп,*
*Тартып алса энтелеп,*
*Балыр чыкты көгөрүп,*
*Кайра торун салды чал,*
*Кайра тартып алды чал.*
*Тордон суусу шорголоп,*
*Тордо нымып олжо жок!*
*Дагы торун салды чал,*
*Дагы тартып алды чал.*
*Карап бакса бир балык*
*Жарк-журк этет нурланып,*
*Алтын экен ал балык!*
*Сүйлөп ийди жалбарып:*
*"Кое берчи карыя,*
*Сууда күнүм көрөйүн,*
*Кое берген акыңа,*
*Не тилесең, берейин,*
*Салык салсаң, төлөйүн".*

*(Уландысы бар)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№11 (309)

29 11 2024

kyrgyztili@mail.ru

# А. Жакыпбеков жана “Манас» эпосу



**Садык АЛАХАН,
филология илимдеринин
доктору, професор**

## Алгачкы жыйын

Улуу сөздү прозага айландыруу жумушу ар кайсы багыттарда мээнет эткен чыгармачыл адамдар (адабиятчы-окумуштуулар, жазуучулар котормочулар,) тарабынан ишке ашырылып келди. Алардын эң көрүнүктүүлөрү, албетте, жазуучулар болуп эсептелет. Профессионал адабиятынын тарыхы бир кылымга араң аяк баскан улуттук көркөм сөзүбүздүн алдыңкы өкүлдөрү да эртедир кечтир мухит сындуу эпосубузга кайрылбай койбойт эле. Эгерде 1910-жылдары жазылган Белек Солтоноевдин көркөм туундуларын улуттук профессионал адабиятыбыздын башталышы деп эсептей турган болсок – эгемендикке ээ болгон мезгилден кийинки жарыяланган илимий изилдөөлөр иштин ушундай экендигин айныксыз фактылар менен эң сонун кылып далилдешпедиби – анда “Манас” эпосун прозага айландыруу ишин профессионал жазуучуларыбыз жетимиш беш жылдан кийин гана колго алышкандыгына күбө болобуз...

Албетте, эпостун кара сөз түрүндөгү вариантын жазып чыгуу көптөн бери күн тартибинде турган маселелердин бири эле. Акыры бул маселе жогорку деңгээлде каралды. Ал тууралуу атактуу калемгер Ашым Жакыпбековөзү минтип жазат: “1985-жылдын аягында Жазуучулар союзунда кеңеш болуп, маареке даярдыгына (улуу эпостун 1000 жылдыгын өткөрүүгө – С.А.) байланыштуу көп маселелердин ичинде эпостун кара сөз түрүндө жазылышы да талкууланган. Талкууну жүргүзгөндөр кыргыз адабиятынын аттуу-баштуу инсандары: Ч.Айтматов, Т.Сыдыкбеков, С.Эралиев, Т.Аскаров өңдүү бир тобу чогулуп, академиянын манасчы окумуштуулары да катышкан.

Эпостун ыр түрүндөгү варианттары орус тилине которулуп жаткан, бирок илимий сөзмө сөз котормосу болобу, көркөм котормосу болобу ыр түрүндө башка элдерге кеңири таркашы кыйынга турары эске алынган...

...Биз ошол кеңеште эпостун кара сөз түрү роман тибинде жазыларын айтканбыз. Кандай роман болору анда эч кимге белгисиз болучу,– деп эскерүүсүн улантат Ашым Жакыпбеков бул иштин башталышы тууралуу. – Кеңеш Жусупов экөөбүз башка иштерибизди жыйыштырып коюп, бул ишке баш-отубуз менен кирдик. Эпостун варианттарын мурда үстүртөн билсек эми кайрадан изилдеп окуп чыгуу, эпоско тиешелүү ар кандай илимий китептерди теңшерип чыгуу бир топ убакытты алды. Андан соң экөөбүз оболу жалпысынан оозеки сүйлөшүп алып, өз-өзүбүзчө жазууга кириштик. Кадыресе убакыт өткөндөн кийин бири бирибиздин жазгандарыбызды карап чыксак, экөө таптакыр эки башка чыгарма болуп калыптыр. Экөөнү жуурулуштуруп бириктирүү болчудай эмес. Эмне кылмакпыз. Эки башка жазуучу биригип бир чыгарма жаза албастыгына көзүбүз жетти. Биргелешип жазган тажрыйба дүйнөдө көп, бирок алар кантип иштешкенине айран таңбыз. Аргасыздан экөөбүз эки башка жаза турган болдук. – Бул багыттагы оюн А.Жакыпбеков минтип жыйынтыктайт. – Менин жазган вариантыман үзүндүлөр утурумдук басма сөзгө жарыялана баштады. Кийинчерээк бир чыккан үзүндүгө Кеңеш Жусупов баш сөз жазып, жогорку жагдайды окурмандарга түшүндүрдү. Биргелешип жазуу болбостугун айтып, айкөлдүк менен мага ак жол каалады.

Иштин ички жүрүшү ушундай болду.” (Жакыпбек Ашым. Теңири Манас. Эпос өзөктүү роман. – Б.: Кыргызстан, 1995.5 – 6-бб. Астыларын сызган биз – С.А.)

## Эки автор

Бул жерде тактап кете турган эки жагдай бар. А.Жакыпбеков Жазуучулар союзундагы жыйын “1985-жылдын аягында” болгондугун атайын белгилөө менен К.Жусупов экөө бири биринин жазгандарын “кадыресе убакыт өткөндөн кийин” карап чыгышкандарын, ушундан соң гана “үзүндүлөр утурумдук басма сөзгө жарыялана баштагандыгын” айтып жатат. Демек,1985-жылдын аягынан тартып кадыресе убакыт өткөндөн кийин болсо, анда эпостун кара сөзгө айландырылган текстинин үзүндүлөрү 1986-жылдын ортосуна, же аягына барып гана мезгилдүү басма сөз беттерине жарыялана баштаган деген жыйынтыкка келебиз. Бирок, мезгилдүү басма сөздөрдүн – азыркыча айтканда массалык-маалымат каражаттарынын – архивдеринде жүргүзгөн биздин иликтөөлөрүбүз бул маалыматтын чындыкка дал келбестигин көрсөттү. Тагыраак айтканда, залкар калемгерЛЕРдин кара сөз түрүндөгү текстинен үзүндүлөр ошол учурдагы жалпы журттун зор



сүймөнчүгүнө айланган басылма болгон “Кыргызстан маданиятынын” 1985-жылдын август, сентябрындагы сандарында жарыяланыптыр. Дагы да тагыраак айтчу болсок, алгач 1985-жылдын 15, 22, 29-августундагы №№ 33, 34, 35-сандарына жана 5-сентябрдагы № 36-санына басылыптыр. Бардык учурда гезиттин ортоңку 8,9-беттерине (развороткo) басылгандыгына күбө болобуз. Демек, эпостун кара сөзгө айландырылыш тагдырын чечкен Кыргызстан жазуучулар союзундагы белгилүү жыйын 1985-жылдын аягында эмес, тескерисинче, жыл башында, болгондо да тим башында өткөлүгөн десек чындыкка жакын болмокчу... Бул бир.

Экинчиден, кара сөзгө айландырылган тексттин авторлору катары гезиттин бардык сандарында Ашым Жакыпбеков менен Кеңеш Жусупов экөө тең көрсөтүлөт.Муну биз “кийинчерээк бир чыккан үзүндүгө Кеңеш Жусупов баш сөз жазганга” чейинки авторлор ортосундагы өтө аяр этикалык маселеден улам болгон иш деп боолголосок болот.

Ал эми жарыяланган тексттин көлөм жагына келчү болсок, “Кыргызстан маданиятынын” ошол учурдагы бир бетине (полосасына) машинкага терилген сегиз, тогуз беттик текст баткандыгын (жарыялангандыгын) эске алсак, анда ар бир санга он сегиз беттик материал басылып турган. Ошондо гезиттин төрт санында жетимиш эки беттик материал жарык көргөн десек болот. Байкалып тургандай, бул деген чакан повесттин көлөмүнө барабар текст болуп эсептелет да, “Кыргызстан маданияты” ошол биринчи эле жолкусунда улуу эпостун кара сөзгө айландырылган текстинин дурус эле көлөмүн элге жеткирген дегендикти билдирет. Жарыяланган тексттер баатырдын төрөлүшү менен балалык чагы тууралуу көркөм баяндар эле.

Андан соң, туптуура бир жыл өткөндөн кийин (1986-жылы) “Кыргызстан маданияты” 11, 18, 25-сентябрдагы жана 2-октябрдагы №№ 37,38,39,40-сандарына улуу эпостун кара сөзгө айландырылган тескстинен дагы үзүндүлөрдү жарыялады. Бул ирет “(Көкөтөйдүн ашынан)” деген кошумча темача менен окурмандарга тартууланды. Авторлор катары бул жолу да эки жазуучу тең көрсөтүлдү. Көлөм жагы болсо баягы эле жетимиш эки беттин тегерегин түзүп турду. Эмне үчүн биз элге тартууланган үзүндүлөрдүн көлөмүнө улам-улам атайын токтолуп жатабыз? Мунун сырын бир аздан кийин чечмелеп бермекчибиз... Азырынча айтарыбыз, кийин китеп болуп басылып чыккан вариантта да бешинчи бөлүмдү түзүп турган “Көкөтөйдүн ашы” романдын 283 – 354-беттеринде жарыяланып, жетимиш бир бетти түзүп тургандыгы. Демек, “Кыргызстан маданияты” жумалыгы кийин улуттук прозабыздын эң мыкты үлгүлөрүнүн бири болуп кала турган романдын бир бөлүмүн чыпчыргасын коротпой толук түрдө эле жарыялап салган экен.

Арадан алты ай өткөн соң 1987-жылдын көктөмүндөгү – 16, 23, 30-апрелдеги – № 16,17,18-сандарына “Кыргызстан маданияты” жумалыгы эпостун кара сөз вариантынан үзүндүлөрдү (“Манастын Каныкейге үйлөнүшү” деген кошумча темача менен) кайрадан жамы журтка тартуулады. Мында да авторлор катары эки калемгер тең көрсөтүлдү.

Кийинки 1988-жылды да “Кыргызстан маданияты” жумалыгы Улуу Сөздүн прозага айланган вариантын жарыялоо менен баштады, тагыраак айтканда, гезиттин 1-январдагы № 1- жана 7-январдагы № 2-сандарында А.Жакыпбеков менен К.Жусуповдун аты коюлган текст атпай журтка жаңы жылдык куттуктоо катары жетти.

Албетте, өткөн XX кылымдын тээ отузунчу жылдары түптөлүп, анан улуттун руханий өсүшүнүн бардык баскычында анын айныгыз күбөсү болуп келген “Ала-Тоо” журналы да жалпы журттун маданий жана адабий турмушундагы мындай зор окуядан четте калышы мүмкүн эмес эле. Чынында эле ошондой болуп, натыйжада, 1988-жылкы 9-номеринде Улуу Сөздүн прозага айландырылган вариантынан чоң үзүндү (13 – 64-беттерде) жарыялады. “Ала-Тоо” журналынын форматындагы 51 бет деген бир топ чоң көлөм экендигин көпчүлүк жакшы билет... Бул үзүндү “Чоң казаттан” деген кошумча темачы менен басылып, авторлор катары бул ирет да эки жазуучу тең көрсөтүлдү.

Мына ошентип, жогоруда айтылган маалыматтардан жана келтирилген мисалдардан ачык-айкын болуп тургандай, романдын колжазмасынын машинкага терилген – наржак-бержагы – үч жүз беттей көлөмү төрт жыл ичинде (1985, 1986, 1987, 1988-жылдарда) окурман журтка тартууланыптыр. Бул деген кийин өзүнчө китеп болуп чыгып колубузга тийген 530 беттик романдын 60 – 65%ын түзүп турат деген сөз эле.






*(Уландысы кийинки санда)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№11 (309)
29 11 2024

kyrgyztili@mail.ru

# Билим берүүдөгү мамлекеттик тилдин абалы



**Аркарбек МАМЫТОВ, КР Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун башчысы**

Кыргыз тили билим берүүнүн баардык баскычтарында менчигинин түрүнө, окутуу тилине карабастан мектепке чейинки билим берүүдөн баштап жалпы, башталгыч, орто, жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында Билим берүү министрлиги бекитип берген стандарттын, кабыл алынган программанын негизинде окутулат, ошого жараша саттар бөлүнгөн. Ошонун чегинде кыргыз тили, кыргыз адабияты белгиленген методика, усул менен үйрөтүлөт.

Ал эми башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү органдарында КР Министрлер кабинетинин 371-токтомуна ылайык Билим берүү министрлигинин буйругунун негизинде атайын саттар өлчөмү бекитилген, ошонун негизинде кыргыз тили 90, 240 сааттык көлөмдө окутулуп келе жатат.

Өткөн жылы кабыл алынган мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамдын 17-беренесинде билим берүү тармагына тиешелүү пункттар бар, анын ичинде жалпы билим берүү уюмдарында кыргыз тилинде оозеки жана жазуу жүзүндө класстан класска көчүрүү, бүтүрүү сынактары киргизилген. Быйыл ушул пунктун негизинде көп иштер аткарылды. 2024-2025-окуу жылдын соңунда бүтүрүүчү класстар кыргыз тилинен сынак тапшырышат.

Билим берүү министрлигинде иш кагаздар кыргыз тилинде жүргүзүлүп, жыйындар мамлекеттик тилде өткөрүлөт. Эрежеге ылайык, сырттан келген каттар гана кайсы тилде келсе, ошол тилде жооп берүү каралган, башка ченемдик, укуктук актылар, буйруктар ж.б милдеттүү түрдө мамлекеттик тилде даярдалат, чыгарылат. Буга чейин орус тилинде иш алып барган кызматкерлер 2021-2025-жылдарга кабыл алынган Мамлекеттик тилди өнүктүрүү программасынын алкагында "Кыргызтестте" уюштурулган курстарга катышып, тесттерди тапшырып, жакшы жыйынтык көрсөтүп, мамлекеттик тилди өздөштүргөнүн тастыктаган сертификаттарга ээ болуп жатышат. Быйыл июль айында министрликтин дээрлик баардык кызматкерлери "Кыргызтестте" тест тапшырып, өтүштү.

Иш-чараларга келсек, "Билим берүү бардыгы үчүн: көп тилдүү мамиле" аталышындагы мамлекеттик тил мугалимдеринин форуму, Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына жана "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" КРнын мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 35 жылдыгына карата мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар арасында республикалык сынак, мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбияланууучуларынын арасында "Маарекең кут болсун, кыргыз тилим" көркөм окуу сынагы, 7-класстын окуучулары арасында "Акыл таймаш" республикалык радиотаймашы, жогорку окуу жайлардын мамлекеттик тил боюнча проректорлорунун 4-форуму, Борбордук аппараттын арасында баяндама жазуу сынагы, жогорку окуу жайлардын кыргыз филология факультеттеринин бүтүрүүчү курстарынын студенттеринин арасында олимпиада өтүп жатат, декабрь айында үч айлыктын жыйынтыгы чыгат. Билим берүү уюмдарындагы мамлекеттик тилдин абалына мониторинг жүргүзүү, Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча программанын алкагында кесиптик окуу жайлары үчүн басылып чыккан китептердин бет ачарын өткөрүү, "Кылым карыткан кыргыз тили" аталышындагы илимий-практикалык конференция өткөрүү иш-чаралары каралган.

Жогорудагы иш-чаралардан Жогорку окуу жайлардын кыргыз филология факультеттеринин бүтүрүүчү курстарынын студенттеринин арасында улуттук олимпиаданын максатына токтолсом, филология багытында кандай адистер даярдалып жаткандыгына мониторинг жүргүзүү болуп саналат. Бүтүрүүчү курстар кийинки жылы өз кесибин аркалап, билим берүү тармагында иш алып бара баштайт, алар канчалык деңгээлде өз кесибин өздөштүргөнүн, сабаттуулугун аныктап, педагогикалык жөндөмдөрүнө анализ жасап, жогорку билим берүү уюмдары кандай билим берип жатат ж.б суроолорго да жооп ала алабыз, жакшы жыйынтык көрсөтө албаган окуу жайлар менен иштешебиз.

Жыйынтыктап айтканда, Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун алдында дагы көп пландары бар. Инклюзивдүү билим берүү тармагына басым жасап жатабыз. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга билим берген уюмдардын окуу куралдары көбүнчө орус тилинде болгондуктан, аларды кыргыз тилине өткөрүү боюнча иштерди баштадык. Андан сырткары, жогорку билим берген окуу жайлардын бардык сабактарын толук түрдө расмий тилден мамлекеттик тилге өткөрүү биздин приоритеттеги максаттарыбыздын бири.

**Даярдаган Бактыгүл ӨМҮРАЛИЕВА**



Министрликтин кызматкерлери жат жазуу жазып жаткан учуру



Жогорку окуу жайлардагы мамлекеттик тил маселелери аттуу форуму



# *Саякбай саптар*

(Улуу манасчы С.Каралаевдин 130 жылдыгына карата)

***(Уландысы. Башы өткөн санда)***

**Бакыт Баймырзаев – Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз адабияты кафедрасынын доценти**

**3.**

*“Угалбай Каныкейдин муңдуу датын ,*
*Далайлар көтөрө албайт жерден башын...*
*Мен көрдүм ошол чакта Саякбайдын*
*Көзүнөн салаа-салаа тамган жашын.”*
**(Ж.Садыков)**

*“Манастын” маанисин биз билсек эгер*
*Карт тарых , кайран кыргыз эске келээр.*
*Каныкей кандуу жашын арыта албай*
*Алты арам арбын кайгы салган делээр.*

*Ал кайгы көз жаш болуп агылууда ,*
*Өткөн күн элес болуп чагылууда.*
*Саякбай салаа-салаа төгүп жаткан*
*Санаанын , сансыз ойдун тамыры да .*

*Каныкей Тайторуну чапкан жери –*
*Сан кыргыз түп мүдөөсүн тапкан белги.*
*Айкырып , айгай сала асман чапчып ,*
*Саякбай сан кылымга айтып келди .*

*Айкөл шер кырк урууну алга баштап ,*
*(А Сакең айтып жатат көзүн жаштап .)*
*Кары-жаш өткөн тарых изи менен*
*Кайрадан кез келгенсип кадам таштап .*

*... Саякбай санжыргалуу кылым алпы*
*Сактады , алп “Манасты” сайрап айтты .*
*Каныкей : “атпай кыргыз төлгөсү”-деп ,*
*Торуну карыса да каалап чапты ...*

**4.**

*“Турмушта бул да чыгаан, ал да чыгаан*
*Экөө тең бап келишкен эки кыраан .*
*Саякбай жоо сайдырса... Бүркүтү алса...*
*Көргөндө экөөнө тең канмак кыбаң !”*
*(Ж. Садыков)*

*Ооба, “Бүркүт - асман аалам ээси”*
*Муну айтып Сакең сөзгө келүүчү.*
*Бир баштаса бир апталап токтобой*
*Кыраанына кыйла көңүл бөлүүчү.*

*Кара чолок Саякбайга чын жолдош*
*Кайкып учкан калың кушка бул - жолборс.*
*Кыраат менен алп “Манасты” баштаса,*
*Кайран бүркүт көктө айлана үн жолдоп.*

*Буркан-шаркан түшүп жатса бул дүйнө,*
*Бүркүтү экөө бөлүнбөстөн бир күнгө.*
*Бозтериде сонорлогон ырахат ,*
*Бош келбеген Сакең мындай өргүүгө.*

*Саякбайдын сансыз аалам чабыты –*
*Сан кыргыздын тагдыр, тарых, намысы.*
*Көтөрүлтүп , көккө карай талпынткан*
*Кара чолок канатынын дабышы .*

*Каалгый учуп канча жерди кыдырып ,*
*Кара чолок Ала Тоону сыдырып.*
*Сакең жерде сыр найзасын сундуруп,*
*Калың жоонун катыгында чыңырып.*

*.... Бүркүт, Сакең – биздин күндүн баатыры*
*Бул экөө баатырлардын акыры.*
*Баян кылып байыркынын жомогун*
*Быйыл дагы баштап айтып жатыры...*

***( Уландысы бар)***



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№11 (309)
29 11 2024
kyrgyztili@mail.ru

# ЭССЕЙ: көркөм-философиялык туюнтма



Аскарбек БЕКБОЕВ

## ЭССЕЙ тууралуу эки ооз сөз...

ЭССЕ (француз тилинде - 'очерк', 'этюд', 'эссе' (essayer 'байкап көрүү', 'текшерүү, сынап көрүү') же болбосо ЭССЕ философиялык мүнөздөгү ой түрмөк. Ойдун квитэссенциясы (негизи, маңызы). Искусство (философияны) түшүнүктөр дүйнөсүнө ыктагандай эле, эссей образдуулукка умтулат. Живописте боёк кандай ролду ойносо, эссейде экспрессив, эмоция менен жуурулушкан образдуулук ошондой ролду ойнойт.

***

Философияда түшүнүктөрдүн логикасы басымдуулук кылса, эссейде сезим-туюмдун логикасы чечүүчү мааниге ээ. Бирок, философия да, ээсей да дүйнө таанымдын өзгөчө формалары. Эссей – образдуу философия... Философия жалпылыкты (универсалдуулукту) түшүнүктөр системасы аркылуу, ал эми эссей – образдуулук аркылуу аңдап билет.

***

Образ (образдуулук) түшүнүк сымал абстрактуулукка эгедер эмес, бирок ал да болуштун универсалдуу жалпылыгын туюндуруп турат. Образ да эмоция (сезим) менен рационалдуулуктун ажырагыс биримдигинен турат. Бир өзгөчөлүгү - бул экилтик дихотомияда (сезим менен рационалдуулуктун биримдигинде) эмоционалдуулук (сезим-туюм) үстөмдүк кылат. Сезим-туюмга (эмоцияга) негизделген, түшүнүктөр системасы (логика) менен шөкөттөлбөгөн образдуу тааным – интуитивдүү аңдоонун формасы.

***

Эссей интуиция (intueri - сезүү-туюуу) менен канатташ. Интуитивдүү тааным (аңдай билүү) аң-сезим тарабынан аңдалбаган, бирок сезим-туюм менен логиканын тогошуусунан жаралган билимдин (маалыматтын) өзгөчө формасы. Интуция – тарыхый эволюциянын натыйжасында түптөлгөн, аң-сезимдин түпкүрдөн жанган, оңой менен акылдын бутасына илинбеген, купуя "жарыгы"...

***

Психология менен нейрофизиология тастыктагандай интуиция өзгөчө нейро-психикалык процесс катары үч этапты басып өтөт: эс тутумда образдардын (символдордун) топтолушу; топтологон символ-образдардын аңдалбай туруп бөлүштүрүлүшү; топтолгон абстракция, образ, символдордун аңдалбаган эрежелер аркылуу комбинацияланышы (биригиши, айкалышы, тогошу); тааным формасына айланышы...

***

Чындык илимий түшүнүктөр аркылуу гана туюндурулат; чындыктын чыныгы стихиясы (иш жүзүндө бар болушу) – түшүнүктөр, деп Гегель, чындыктын интуитивдүү-образдуу формасын түш сымал тумандуу кубулуш катары баалап четке кагат. Бул пикир бара-бара бүтүндөй классикалык философиянын позициясына айланган.

***

Декарт, Лейбниц, Спиноза, Кант жана башка "таза эс-акылды" эш туткан философ-ойчулдардын ысымдары менен байланышкан тарыхый бүктөм - он жетинчи- он тогузунчу кылымдарда ЭССЕЙ четке сүрүлүп калса, кийинчерек ойлом тилкесинде экзистенция күч алып, акыл алкагында эссеизация жандана баштайт. Акыл-ойдун кудурети жетпеген жагдайларды туюндуруш үчүн образдуу туюнтмалар зарыл боло баштайт.

***

Постлкассикалык Батыш философиясын негиздөөчүлөрү болуп эсептелген Кьеркегор («Дон Жуан» жана «Авраам») и Ницше («Дионис» жана «Заратустра») таза көркөм образдарды жаратпаса да, эссемалар (эссейдин элементтери) бар философиялык трактаттарды жаза баштан. Томас Манн Ницшени шопенгауэрдик мектепке таандык эссеист деп эсептеген. Ой турмушка аралашып бекемделген сыяктуу эле, философиялык система эссеистика менен толукталыш керек деген пикир кулач жая баштайт. Камюнун «Сизифи», Маркузенин «Орфейи» у Маркузе, Сент-Экзюперинин «Цитадел» жана башка философ-ойчулдардын эссей мүнөзүндөгү чыгармалары жаралат.

***

Фрейд менен Юнгдун бейаңды туюнткан эсселерге ныкталган философиялык мектептери түзүлөт. Белгилүү мифий чыгармалар, эссей түрүндө иштелип чыгат. «Эрос» жана «Танатос», «Анима» жана «Персона», «Маска» жана «Тень» деп аталган психоаналитикалык түшүнүктөрдүн образдуу-логикалык туюнтмалары пайда болот. Олуттуу ойчул-философтор Сартр менен Камю, Г. Марсель жана Хайдеггер, Унамуно менен Л. Шестов, С. Вейль жана С. де Бовуар эссеистиканын (эссейлердин) дүйнөлүк моделдерин жаратты.

***

Бар экендиги көзгө көрүнмөк түгүл, ойдун "кайрымагына" оңой менен илинбеген нерселер жөнүндө ой жүгүртүү үчүн түшүнүктөр менен алектенип келген ой тилкеси образдуулук менен тепшилиши абзел. "Менин пикирим нерселердин ченеми эмес, менин пикирим тек гана ошол нерселерди мен кандай туюп-көрүп турганымды туюнтат" деген таанымга сезим-туюмду аралаштырган Монтендин постулаты жаралат. Гуссерл, мурда теңсинбей келген эң жөнөкөй пикир "doxa" аркылуу, баштапкы көрүнүштү түшүндүрүп, тириликтин буга чейин бааланбай жүргөн башаттарына кайтып келүүнү сунуштайт. Бул сунуш да акыл ишмердүүлүгүн эссеизациялоого карата шилтенген бараандуу кадам болгон.

***

Аң-сезим болумдун үстөмдүгүн танбайт. Бирок, бул болумдун үстөмдүгү тууралуу туюнтманы аң-сезим (аң-сезимдүү адам) иштеп чыккан. "Ой" жана "образ", "идея" жана "көрүнүш" бири-бирине тепшилген кандайдыр бир "сыйкырдуу" айлампа. Эссей, эссеистика аягына чыкпаган, бирок аңдоонун билигин тутандырган философиялык акт, философиялык мүнөздөгү табышмактуу кубулуш. Жалпылоонун эң жөнөкөй формасы, таанымдын булагы, аңдоонун учкуну. Эссей болумдун, турмуштун таталдыгын, түшүнүктөргө негизделген тааным-билимдин чектелгендигин туюндуруп турат. Эссей, түшүнүк, сөз менен бирге "унчукпаган" тыным алуу да, ой, акыл токтоп калган учур – пауза да туюнтма экендигин каңкуулап турат. Эссей – философиялык образ, образдуу философия.

***

## ЭТОС...

(этикалык практикум)

ЭТОС, адеп-ахлак, ички табияты, маңыз-мазмуну, милдет-парсаты боюнча өтө татаал түшүнүк. Анын кандай татаал экендигин билебиз деп ойлойбуз, бирок билбейбиз. Билгенибиз билбегенибиздин көлөкөсүндө калат. Бекеринен омоктуу ойчул, этиканын ЭРЕНИ Кант адеп-ахлакты эш тутпагандыр…. Акыркы эмгегин адам табиятына арнабагандыр... Адап-ахлактын ажатын ачам деп жашады. Этиканын "туткунунда" болду. Көз жумаардагы акыркы сөзү "шүгүр" деген сөз болду. Башкатырманын "жашыруун" сырын издеген капастан, түпсүз туңгуюктан кутулганына шүгүрчүлүк кылгандыр...

Адеп-ахлактын "жакшы экенин", анын тиричилик үчүн зарыл экендигин толук аңдабасак да дүңүнөн билебиз. Анын чектен чыккандарга "укурук салган" кескин талабы менен таанышпыз. Адепти билебиз, бирок ал "чапкан нуктан" аттап кетебиз. Анын наркту экендигин билебиз. Аны көзкарегиндей сакташ керек экендигин билебиз. Бирок, билгенибиздей боло албайбыз, шаабыз жетпейт. Эрк-мотивация чабал. Аны билгенибиз менен түшүнбөйбүз.

Канттын тыкыр (категорический) императив (мыйзам) тууралуу ой жооруйт да, адам кантип адам боло турганын божомолдойт. Кыскача маңызы... менин жүрүм-турумум башкалардын мүдөөсү менен толук шайкеш келип, аларга жолтоо болбош, алардын талабына шайкеш келиш керек деген тариздеги пикир. Менин жүрүш-турушум башкаларга, алардыкы мага өөн, каршы болбош керек деген тариздеги терең ой. Биз бул ой-пикирге толук кошулабыз, бирок керек учурда "ойт беребиз". Күндүк өмүрүбүз болсо, жөө-жалаңдагандарды жөөлөтүп, жорго минебиз. Ач-жалаңкардарды түртүп салып өз көмөчүбүзгө күл тартабыз. Менден кийин сел жүрсүн, заманыбыз карышкыр болсо карышкыр, түлкү болсо түлкү бол дейбиз.

Адеп-ахлакты "жандандырып" аны кыймылга келтириш үчүн анын "мотивин" (ага умтулууну кыймылга келтирүүнүн жолун, ыкмасын) аныктоо абзел. Мотив адамдын турмуштук каалоо-тилек, мүдөөсү, анын жашоо-образын, ишмердүүлүгүн аныктаган баалуулук. Жүрүм-турумду "жетелеген" күч. Ой-тилек, мүдөөнү тушап турган Эрк. Ошол мүдөө-баалуулуктарга жетүүгө шыктандырып турган рухий күч.

Мотив, баалуулуктар адеп-ахлак менен мүнөздөлгөн коомдук талаптарга шайкеш келгени шүк, абзел. Туура жүрүм-турумдун, коомго, коомчулукка, башка-өңгөлөргө, алардын каалоо-тилек мүдөөлөрүнө, талаптарына каршы келбеген адеп-ахлактын алкагы менен чектелген жүрүм-турумду болушу зарыл шарт. Коомдун ыдырабай коом болуп сакталышы үчүн зарыл шарт.

Туура жүрүм-турум жашоо-турмуштун максаты гана болуп чектелбестен, ал күнүмдүк тиричиликтин зарыл каражатына айланышы абзел. Адам баласынын жүрүм-туруму, адеп-ахлактын алкагына туура келе турган күнүмдүк зарыл туура жүрүм-турумга, коомдун, коомчулуктун, башкалардын талабына ылайык келген, туура эмес жүрүм-турумга жол бербей турган жүрүм-турумга, аңдалган, аң-сезимдүү жүрүм-турумга айланышы ажеп. Башкаларга жакпаган жүрүм-турум сенде, сага жакпаган жүрүм-турум башкаларда болбош керек. Бул - канттык тыкыр императивдин негизги талабы.

Тилекке каршы, турмуш кайра-кайра тастыктагандай, азыр туура жүрүм-турумдун "мотивин", туура эмес жүрүм-турумдун "мотиви" аласалдырып коёт. Ой менен сөз, сөз менен иш дал келбейт. Түз жол жок. Оң жакка бурулсаң адеп-ахлак бузулат, бирок күнүмдүк мүдөөңө жетесиң; солго бассаң адеп сакталат, бирок күнүмдүк мүдөөң куржалак калат – деген дилеммадан кутула албай келебиз...

Мораль мүдүрүлөт, ага удаа биз да чалынабыз...

Чалынабыз да бир балээге "малынабыз..."



*(Уландысы кийинки санда)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№11 (309)

29 11 2024

kyrgyztili@mail.ru

"Кыргыз тили" гезитине жарнама, кулактандыруу, куттуктоолоруңузду чыгарууну каалласаңыз редакциянын номерлерине кайрылыңыз.

Байланыш номерлери: 0702 52 59 42, 0700 93 25 03

# ЭЛ БИЙЛИГИ ДЕГЕН ЭМНЕ?





**Байас ТУРАЛ**

*(Уландысы. Башы өткөн санда)*

Ал эми грек тилиндеги айтылышын (демократия) айтканда, ал грек эмес элдер үчүн сөзсүз кандайдыр бир деңгээлде “абстрактуу” мааниге ээ болот. Ошондуктан саясатчылар аны өздөрүнө керектүү кырдаалга кызмат кылдыруу максатында универсал ыкмада колдоно беришет. Мисалы, 30 жылдан бери биздин өлкө сөз жүзүндө күнү-түнү “биз Борбор Азиядагы “демократия аралчасыбыз” деп сайраганы менен иш жүзүндө өлкөдө мыйзамдар иштебеген, андан улам баш-аламандык өкүм сүргөн, анархиялык коомдо жашап келатабыз.

Эң кызыгы - Эл бийлигин орнотууга “эл бийлигинин өкүлдөрү” каршы. Бул эмне деген сөз? Эгер “демократия” деген грек сөзү кыргыз тилинде “эл бийлиги” дегенди түшүндүрсө, анда анын грекче айтылышын колдонуп жүргөн адамдар эмне үчүн анын кыргызча айтылышына жана кыргызча манызына каршы болушууда? Бул, менимче, Эл өкүлдөр бийлигинин курамында “Эл өкүлдөрү” эмес, чет элдик күчтөргө кызмат кылып жаткан “өкүлдөр” бар экенин билдирет. Ошол үчүн убагында улуу Ататүрк: “Өлкө үчүн эң коркунучтуусу – депутаттардын чет элдик күчтөргө сатылып кетүүсү” деп айткан да. Андай адамдар көбөйүп кеткен учурда, депутаттар Элди сактап кала турган эмес, Элди буза турган мыйзамдарды кабыл алышат. Эл бузулганда – Өлкө кошо бузулат.

Мисалы, бизде, Эл өлкө башчысын жана өз бийлигинин өкүлдөрү болгон депутаттарды шайлаганга укуктуу, бирок алар мыйзамды бузган учурда аларды кызматтан кетиргенге укуксуз. Баш Мыйзамда: Президентти кызматтан кетирүү үчүн Жогорку Кенештин депутаттары “импичмент” жарыялоого укуктуу деп жазылган. Бирок, 30 жыл ичинде 3 жолу төңкөрүш болуп, 3 президент куулганына карабай, Жогорку Кенеш бир да жолу “импичмент” жарыялай алган жок. Кайра ЖКнын депутаттары өздөрү жазган мыйзамдарды өздөрү бузуп, өздөрү президенттерге кошулуп качып кетип атышты. Ошентип, мыйзам бузулган учурда, жогорку бийликтин өкүлдөрүн тынч жол менен кызматтан кетире турган Институт бизде жок. Демек, 30 жылдан бери “демократия” деген сөз ооздун жели гана болуп келүүдө. 30 жылдан бери биз, бир “мафиялык топтун” Батыштан өздөштүргөн өнөрүн жана Башкаруу системасынын эки жүздүүлүгүн гана көрүп келатабыз. Кыргыз: “Жамандын бир өнөрү артык”, “Жаманга бийлик берсен, элди тенине албайт” деп да айтат. 30 жылдан бери Эл бийлигинин өкүлдөрү шайлангандан кийин эле элди унутуп калууну адатка айлантып алышты. “Биз - демократиялык бийлик орноткон элбиз” деп кыйкырганы менен 30 жыл ичинде Эл бир да депутатты артка, кайра чакыртып ала алган жок. Мыйзам бузуунун баары төңкөрүш менен аяктап келатат. Илгерки бабаларыбыз да салтты, наркты бузганда хандарды ушинтип кубалашкан же жазага тартышкан. “Хан бузулганда - калк бузулат” дешкен. Анткени, Хан элдин ойлоно турган акылы, коомдун бүткүл денесин туура алып жүрүү милдетин алган Баш катары эсептелген. Адамдын башы кандай ойлонсо, анын колу-буттары да ошондой кыймылдайт. Коом да ушундай. Ошондуктан Элдик бийлик, Хандан салтты, наркты бузушуна жол берген эмес. Бирок, ошого карабай, бүгүнкү күндө, өлкөнү хаоско түшүргөн ушул системаны колдоп, коргоп келаткандар адамдар бизде дагы деле арбын.

Бийлик болгондон кийин анын “укуктары” менен кошо “милдеттери” да так аныкталышы керек. Ошондуктан мыйзам бузганда кызматына карабай, ар кандай адам бирдей жазага тартылышы зарыл. Бизде 30 жылдан бери “тоок уурдагандар” түрмөгө отуруп, “төө уурдагандар” эркиндикте жүрүштү. Эмне үчүн мыйзамдар иштеген жок? Анткени, аны “көзөмөлдөгөн” Эл бийлиги институту болгон жок. Идея жеке бир адамдар тарабынан көтөрүлгөнү менен Мамлекетти Эл түзөт, ошондуктан Жогорку Бийлик бутактарын түзүүгө жана алардын ишмердигин көзөмөлдөөгө Эл гана укуктуу. Кыргыз, кыйындар чыкканда: “Эрден өтмөк бар, Элден өтмөк жок” деп, Эрден Элдин бийиктигин, улуулугун анын эсине салган.

***

Келечекте дүйнө кандай болуш керек, эртенки күн биз каалагандай болуш үчүн биз бүгүн эмне кылышыбыз керек? Эгер эртен урпактарыбыз эркин, эгемен жашасын десек, анда жогорку сурооլорго жоопторду бүгүн табышыбыз зарыл.

Түпкү тилди жана байыркы тарыхты иликтеп жатып, өз убагында орус окумуштууларын буудун-чаңга түшүргөн Олжас Сулейменовдун байыркы бир акылмандар айткан ойду кайталап, минтип айтканы бар: “Баары кайрылып келет, баары башында кандай болсо, акыры кайра ошондой болот. Океанды айлана сүзгөн балык, акыры өлөрүндө таштан ташка урунуп аккан шар сууларга келип, жан берет. Суулар бууланып, асманга чыгып, булутка айланып, анан нөшөрлөп куйган жамгыр, шатыратып төккөн өткүн болуп, кайра жерге түшөт. Жаз келип, көк чөп чыгып, жер бетин жашыл түс каптайт. Жай келип, дарактар гүлдөп, күз келип, айлана алтын түскө бойолуп, мөмөлөрү ийилген бактар бир жылдык жашоосун жыйынтыктайт. Кайра кыш келип, кар жаап, баары тынч алып, Табият убактылуу уйкуга кетет. Анан кайра жаз келет: ошентип баары кайра кайрылып келет, баары кайра башынан башталат”.

Адам коому да ушундай жолду басып, карып-арып, мезгил-мезгили менен жомоктогу феникс кушу сыяктуу кайра жаралып, өнүгүп-өсүп отурат. Ошондо өзүнүн багытын, жолун жоготпогон улут гана кайра жаралып, өнүгүп-өсүп, мезгилдин агымына жараша бараткан ылдамдыгын, замандын талабына ылайык жашоо образын өзгөртүп, алдына койгон максатына жараша улут жана мамлекет алдындагы милдеттерин тактайт. Эгер баары кайра башына барса, анда биз да башыбыз кайда экенин, тарыхыбыз кайдан башталарын, качан башталганын жакшы билишибиз керек. Ошондо гана биз каякка барарыбызды жана кандай болорубузду билебиз. Анткени, акылмандар айтышкандай: “кечегисин билбеген Эл, эртен эмне болорун да билбейт”.

Биз 30 жылдын ичинде 30 ашык премьер-министрди, 10 ашык спикерди, 12 жолу Баш мыйзамды алмаштырдык. Бул жакшыбы же жаманбы? Бул суроого бир тараптуу жооп бериш кыйын. Дагы бир айтып кете турган нерсе: бизде, атайын кабыл алынган мыйзам боюнча, жаңылышпасам, 10 жыл ичинде кылынган кылмыш эскирет. Бул кылмыштуулуктун болушуна шарт түзүү жана адамдардын кылмыш кылышына жол ачуу дегенди билдирет. Бул – кылынган кылмышка байланыштуу “запкы тарткан” адамдын эмес, “кылмыш кылган” адамдын укугун коргоо деген сөз. Биздеги мыйзамдар көбүнчө коррупциядан жапа чеккендердин эмес, коррупционерлердин укуктарын коргойт. Ошол үчүн биздин өлкө коррупциянын өнүгүп-өсүшү боюнча дүйнөдө алдынкы орундардын бирин ээлейт. Буудай өскөн жерде күрүч өспөйт, күрүч өскөн жерде буудай өспөйт. Кыскача айтканда, шарты жок жерде чөп да өспөйт. Демек, биздин өлкө дүйнөдөгү коррупция өнүккөн өлкөнүн бири болсо, анда бизде коррупция өнүгүп-өсө турган шарт жана кыртыш бар. Демек, “бийликтин булагы” катары мамлекетти түзгөн эл, бийликтин ээси эмес. Мамлекетти негиздеген Эл “”жогорку бийлик бутактарын” өзү түзмөйүнчө, өлкө башчысын өзү шайламайынча жана өзү түзгөн жогорку бийлик бутактарын өзү “көзөмөлдөй” турган укукка ээ болмоюнча, Эл бийликтин ээсине айланбайт. Эл бийликтин ээсине айланбаса, бийликтин ээсине жеке адам айланат. Тарыхта жеке адамдын ролу жана улуу башчылардын реформалары тууралуу көп китептер жазылган. Жакшы башчылар келгенде өлкө өнүгүп-өскөн, жаман башчылар келгенде өнүккөн өлкө талкаланган. Аны биз Акаевдин мисалынан улам жакшы билебиз. Ошондуктан Жеке адам ал канча улуу болбосун, Элдин эртеңи үчүн эч качан түбөлүктүү кепил боло албайт. Элдин эртеңи жана эркиндиги үчүн Элдин өзү гана кепил боло алат. Мына ошол үчүн биз Эл бийлигин орнотуу тууралуу сөз кылып отурабыз.

Бир эле фактыны айтайын: Элдин эркин, өлкөнүн эгемен экенин аныктап турган эң башкы биринчи фактор – ал Мамлекеттик тилдин абалы болуп саналат. Биздин өлкөдө Мамлекеттик тил мыйзамы кабыл алынганына 35 жыл болгонуна карабай, ал али да өзүнүн мамлекеттик кызматын толук аткара албай келатат. Ал мыйзам иштебей жатканы үчүн бүгүнкү күнгө чейин эч ким жооп бербейт. Жооп бербегенден кийин жазаланбайт. Жазаланбагандан кийин эч нерседен коркпойт. Коркпогондон кийин мыйзамга баш ийбейт. Эгер Эл бийлиги болгондо, Курултайдын делегаттары жогорку бийлик бутактарынан анын себептерин сурайт эле. Ошого жараша тиешелүү адамды жазалоону өлкө башчысына сунуш кылышат эле. Анда адам да, мыйзам да иштейт эле. Демократия менен анархиянын ортосу бир эле кадам: демократия же Эл бийлиги орногон өлкөдө мыйзамдар иштейт, мыйзамдар иштеген өлкөдө коррупция болбойт, болсо да өнүгө албайт. Коррупция өнүкпөгөн өлкө өнүгөт-өсөт. Өнүгүп-өскөн өлкөдө эл тынч жана жыргап жашайт. Мамлекеттин милдети - адилет башкаруу принциптерин бузбоодо, өз элин иш менен камсыз кылууда жана адамдарын жыргал жашоого жеткирүүдө турат. Анархиялык коомдо мыйзамдар иштебейт. Негизи анархиялык коом мамлекетти таанибайт. Мыйзамдар иштебеген коомдо баш-аламандык өкүм сүрөт. Баш-аламандык өкүм сүргөн коомдо сөзсүз төңкөрүштөр болот. Төңкөрүштөр болгон коом бир күнү кыйрап, жок болот.

*(Уландысы бар)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№11 (309)
29 11 2024
kyrgyztili@mail.ru

# “Эркин Тоо” (“Кыргыз Туусу”) гезити – элибиздин энциклопедиясы

**Темирбек АЛЫМБЕКОВ,**
**“Кыргыз Туусу” гезитинин жооптуу катчысы**



Осмонкул Алиев "Эркин Тоонун" биринчи редактору болгон



Мустапа Акматов - "Эркин Тоонун" биринчи санынын чыгаруууга катышкан, корректору болгон



Эшенаалы Арабаев “Эркин Тоонун” №1 санынан баштап макалаларын жарыяланган



Сыдык Карачов "Эркин Тоонун" №1 санынан баштап 6 жыл эмгектенген



Кусеин Карасаев "Эркин Тоо" гезитинин алгачкы сандарынан баштап кабарчы болуп эмгектенген

Кыргыз мамлекетинин, басма сөзүнүн тарыхында “Кыргыз Туусунун” орду өзгөчө. Тарыхка кайрылсак 1924-жылдын 14- октябрында РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономиялуу облусу жаңы эле түзүлсө, андан бир ай өтпөй, мындан туура 100 жыл мурун (1924-жылдын 7-ноябрында) “Эркин Тоо” деген аталышта кыргыздын тұңгуч гезитинин көз жарышы тарых-маданиятыбыздагы өтө маанилүү окуялардан болгон.

“Кыргыз Туусу” ушул 100 жылдын аралыгындагы Кыргызстандын бүтүндөй тарыхын, социалдык-экономикалык, маданий өсүп-өнүгүүсүн, мамлекеттеги, коомдогу саясий бурулуш окуяларын камтыган, алгачкы күндөн бүгүнкүгө чейин ырааттуу чыгып келе жаткан жападан-жалгыз басылма. Соңку жүз жылдыктагы кыргыз мамлекетинин тарыхынын ар бир күнү ушул гезитте сары майдай сакталып турат. “Эркин Тоо” (Кыргыз Туусу”) гезитинин 100 жылдык маарекесинин мааниси мына ушунда. Ушунусу менен эзелки “Эркин Тоо”, бүгүнкү “Кыргыз Туусу” гезити улуттук дөөлөттөрүбүздүн, баалуулуктарыбыздын сап башында турат.

Айрыкча, кыргыз мамлекети түптөлүп жаткан алгачкы мезгилдерде, Кара Кыргыз автономиялуу облусунун расмий басылмасы болгон “Эркин Тоо” гезитинин көтөргөн жүгү өтө оор болгон. Салыштырып айтканда, азыркы – Маданият, Билим берүү министрликтеринин, Кыргызстандагы мектептерден баштап, болгон бүткөн ЖОЖдордун, мамлекеттик мекемелердин милдетин жалгыз ушул – “Эркин Тоо” гезити аткарган.

Баарыдан мурда кыргыздын тұңгуч алиппеси, эл агартуучусу, күндөлүк колдонгон окуу китеби, билим бешиги, кала берсе сырдашы, муңдашы да ушул басылма болгон. Ал кездеги калктын 10 пайызга жетпегени арапча кат тааныган шарттарда, элдин кат сабатын жоюуда “Эркин Тоодон” башка окуу куралы да жок эле.

Айта кетүүчү нерсе “Эркин Тоонун” керегесин жайып, уугун сайган алгачкы муундун ушунчалык зиректигине, билимине, көрөгөчтүгүнө, элинин эртениң ойлогон атуулдугуна таң калбай коё албайсың. Кара Кыргыз автономиялуу облусунун түзүүдө, “Эркин Тоо” гезитин уюштурууда башында турган инсандарынын бири, алгачкы агартуучу Эшенаалы Арабаев “Эркин Тоонун” №1 санына жарыяланган “Кыргыз калкы” деген баш макаласында минтип жазып жатпайбы: “...«... Кыргыз - кыргыз болгондон бери өз тилинде гезит, журнал, китеп дегенди



“Эркин Тоо” гезитинин алгачкы чыгарылыштары 1924-1927-жылдары арап арибинде чыккан

көрбөй-билбей, ары чети өз журтундагы тиричиликтен, саясаттан, маданияттан артта калып, караңгылыкта камыккан. Мына эми өзүнчө эрктүү облус болуп, эңсеп жүргөн тоосу энчисине тийген соң, Кеңеш өкмөтү кыргыздар да жаңы турмуштан, саясаттан, маданияттан, илим-билимден кабардар болсун деп мына бул гезитти чыгарып олтурат... Бул гезиттин табынаягы көңүлдү элжиретип, көздүн жоосун алган эркиндик менен тоону кошуп «Эркин Тоо» деп койдук... Эми муну бек карма, кыргыз, бек карма!...».

“Эркин Тоонун алгачкы редакторлору (1924-1928-жылдарда) Осмонкул Алиев, Касым Тыныстанов, Шарип Көкөнов, Төрөкул Айтматов, Баялы Исакеев, А.Токомбаев болгонун айта кетели. Бүгүнкү күнгө чейин “Эркин Тоо” (“Кыргыз Туусу”) гезитине башаягы 26 кыргыздын чыгаан инсандары редакторлук кылышкан.

Дагы эле тарыхка кайрылсак, гезит “Эркин Тоо” деген аталышта 1924-1927-жылдары арап арибинде, 1927-1956-жылдары “Кызыл Кыргызстан” деген аталышта, анын ичинде 1927-жылдан 1939-жылга чейин латын арибинде чыгып келди. Ал эми латын тамгасын кыргыз тилине ылайыктап түзүп чыккан кыргыздын улуу уулу Касым Тыныстанов болгон.

Ал эми 1956-1991-жылдары “Эркин Тоо” гезити “Советтик Кыргызстан” деген аталыштарда чыгып келди. Белгилүү болгондой 1991-жылдан бери “Кыргыз Туусу” деген ат менен чыгып келет.

“Эркин Тоо” (“Кыргыз Туусу”) гезитинин элибиздин алдындагы аткарган чоң кызматы кыргыз адабий тилинин калыптанышына кошкон зор салымы болду. Улуттук адабияттын башында турду. Аалы Токомбаев, Жоомарт Бөкөнбаев, Мукай Элебаев, Жусуп Турусбеков, Түгөлбай Сыдыкбеков, Алыкул Осмонов ж.б акын-жазуучулардын чыгармаларын элге тааныткан талант бешиги болуп берди.

“Эркин Тоо” (“Кыргыз Туусу”) төл башы гезит катары улуттук басма сөздүн да башында турду. “Чалкан”, “Ден соолук”, “Ленинчил жаш”, “Коммунист” жана башка гезит-журналдар алгач ушул гезиттин рубрикасы болсо, кийин өз алдынча басылмага айланган.

“Кыргыз Туусунун” бай тарыхы, басып өткөн санжыргалуу жолу редакциянын музейинде чагылдырылган. Анда “Эркин Тоонун” алгачкы сандарынын көчүрмөлөрүнөн тартып, Касым Тыныстановдун кол жазмасы, Ишенаалы Арабаевге, Аалы Токомбаевге, Төрөкул Айтматовго ж.б тиешелүү материалдар, башкы редактор Турдакун Усубалиевдин иш столу, Жусуп Абдрахмановдун, Сыдык Карачевдин, гезиттин тұңгуч редактору Осмонкул Алиевдин макалалары бар.

Кыргыз басма сөзүнүн тарыхында Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган жападан жалгыз басылма – ушул “Кыргыз Туусу”.

“Кыргыз Туусу” кыргыз мамлекетинин саясаты, социалдык-экономикалык өнүгүшү, анын ичинде өнөр жайы, жеңил өнөр жайы, айыл чарбасы, жол курулушу, энергетика, суу чарба тармагы болобу, айтор, мамлекеттин 100 жылдын ичиндеги кыбыр эткен кыймылын чагылдырып келген кыргыздын негизги гезити. Демек, мамлекетибиздин ар тараптуу өнүгүшүнө кошкон салымы да ченемсиз.

Учурда баары чукул өзгөрүүдө. Интернеттин технологиясынын шарапаты менен маалымат алуунун булактары да болуп көрбөгөндөй өнүгүүдө. Ошол эле учурда узак жана өрнөктүү жол баскан “Кыргыз Туусу” гезити өзүнүн төл башылык наркынан, салмактуу сөзүнөн, салабаттуу калыбынан жаза элек. Учурда Министрлер Кабинетинин гезити болгон “Кыргыз Туусу” мамлекеттин түптүлүктүү саясатын жүргүзүүдө өз милдетин аткарып жатат. Айрыкча, салттуу окурмандарынын арбындыгы - “Кыргыз Туусунун” бүгүнкү күндөгү таянычы.

Жыйынтыктап айтканда “Эркин-Тоо” (“Кыргыз Туусу”) гезити кыргыз элинин соңку 100 жылдык тарыхынын улуу күбөсү, сыймыктуу энциклопедиясы болуп саналат.

**(“Кыргыз Туусу” № 83, 2024-жылдын 5-ноябры)**




"Кыргыз Туусу" гезитинин азыркы жамааты

“Кыргыз Туусуна” – 100 жыл
ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№11 (309)
29 11 2024
kyrgyztili@mail.ru

# Доор өттү...

*Кыргыз элинин чыгаан уулу — КР Баатыры, Улуттук илимдер академиясынын академиги Мамбет Мамакеевич Мамакеевдин дүйнөдөн кайтканын терең кайгыруу менен билдиребиз. Ысымы жогорку кесипкөйлүктүн жана өз ишине берилгендиктин символуна айланган улуу кыргыз хирургу 98 жаш курагында арабыздан кетти.*



Мамбет Мамакеевич 1927-жылы 1-октябрда Ысык-Көл облусунун Кереге-Таш айылында туулган. Анын өмүр жолу сыноолорго жана кыйынчылыктарга жык толгон: ал согуш мезгилиндеги балалыктын жана согуштан кийинки жокчулуктун катаал жылдарын башынан өткөргөн. Эмгек жолун 1952-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун дарылоо факультетин аяктагандан кийин хирург катары баштаган. Анын профессионалдык карьерасы 70 жылдан ашык убакытка созулуп, Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын госпиталдык хирургия кафедрасында ассистент жана доценттен профессор жана кафедра башчысына чейинки өсүштү камтыйт. 1996-2014-жылдары Мамбет Мамакеев КР ССМнын Улуттук хирургия борборун жетектеген.

Мамбет Мамакеевдин ата мекендик медицинага жана мамлекетке сиңирген эмгеги баа жеткис. Ал 30 миңден ашык операция жасап, 100 миңге жакын оорулууларга консультация берип, дарылап, көптөгөн инновациялык дарылоо ыкмаларын практикага киргизип, кечиктирилгис кыргыз хирургия мектебинин негиздөөчүсү жана КМШ өлкөлөрүндө лапароскопиялык хирургиянын пионери болуп калды. Анын эмгегинин негизинде татаал хирургиялык операциялардa өлүмдү бир топ кыскартууга мүмкүндүк берди жана ал Кыргызстанда заманбап хирургиянын пайдубалын түптөгөн.

Академик М.Мамакеевдин олуттуу жетишкендиктеринин негизгиси илимий-изилдөөчүлүк мамилени, илимий-билим берүү багытын жана улуттук медицина салттарын айкалыштырып, Кыргызстандагы медицинанын флагманы болгон илимий хирургиялык мектепти түзгөнү болду.

Бул мектеп гепатопанкреатобилиардык, гастроэнтерологиялык, эндоскопиялык жана кечиктирилгис хирургияга адистештирилген жана республикадагы хирургиялык кызматтын структурасын, функциясын өркүндөтүүгө багытталган Улуттук хирургия борборун түзүүдө чечүүчү роль ойногон.

Көрүнүктүү адистерди даярдоо жана 14 илимий багытты камтуу менен Мамакеевдин мектеби хирургиялык билимди модернизациялоо жана хирургиялык кызматты өркүндөтүүнүн Улуттук программасын иштеп чыгуунун негизин түздү. Бул өлкөбүздө медициналык илимдин жана практиканын сапаттуу деңгээлге чыгуусуна шарт түздү.

Мамбет Мамакеевич Кыргыз Республикасынын Баатыры наамы, I, II жана III даражадагы Манас ордендери, ошондой эле Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу жана СССР элдеринин достугу ордендери сыяктуу көптөгөн жогорку мамлекеттик сыйлыктар менен сыйланган. Ал Кыргыз Республикасынын илимине Эмгек сиңирген ишмери жана Эмгек сиңирген дарыгери, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгынын жана И.К. Ахунбаев атындагы сыйлыктын лауреаты болгон. Анын жетишкендиктери Кыргызстанда гана эмес, эл аралык аренада да таанылды: М. Мамакеев Бүткүл дүйнөлүк хирург-гастроэнтерологдорунун ассоциациясынын (Франция), Эл аралык хирургдар ассоциациясынын (Швейцария) жана Н.И. Пирогов атындагы Эл аралык хирургдар ассоциациясынын ардактуу мүчөсү болгон. (Россия). Анын жетекчилиги менен медицина илимдеринин 20 доктору жана 22 кандидаты даярдалып, өзү 260тан ашык илимий эмгектин жана 13 монографиянын автору болгон. Мамбет Мамакеевич коомдук ишке активдүү катышып, Кыргыз ССР Жогорку Советинин эки чакырылышынын депутаты жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эки чакырылышынын депутаты болгон.

Кыргыз Республикасы чоң жоготууга учурады. Анын кайраттуулугу, эмгекчилдиги, ишке берилгендиги кыргыз элинин жүрөгүндө түбөлүккө сакталат. Мамбет Мамакеевичтин үй-бүлөсүнө, кесиптештерине жана шакирттерине терең кайгыруу менен көңүл айтабыз. Анын ысымы жана биздин өлкөнүн медицинасын жана коомдук турмушун өнүктүрүүгө кошкон салымы келечек муундардын эсинде сакталып кала берет.

**Мамбет Мамакеевичтин жаркын элеси жүрөгүбүздө түбөлүккө сакталат.**

**Маркумдун үй-бүлөсүнө жана жакындарына терең кайгыруу менен көңүл айтып, аза кайгысын тең бөлүшөбүз.**

С.Н. Жапаров,
Н.Т. Шакиев,
А.У. Жапаров,
М.А. Сатыев,
Э.Ж. Өскөнбаев,
С.С. Касмамбетов,
А.А. Касымалиев,
К.К. Ташиев,
Э.Ж. Байсалов,
Б.Э. Төрөбаев,
Р.И. Отунбаева,
С.Ш. Жээнбеков,
А.С. Кадыралиев,
М.К. Укушов,
А.К. Осмонов,
Б.Т. Сыдыков,
А.С. Бейшеналиев,
А.Ж. Жумагулов,
М.Ш. Шеримкулов,
Ж.С. Саадanбеков,
У.Э. Далиев,
И.О. Кудайбергенова,
К.Е. Абдрахматов,
М.М. Мамытов,
Д.К. Кудаяров,
О.Т. Касымов,
Э.Х. Акрамов,
А.Р. Раимжанов,
М.А. Сагымбаев,
И.А. Ашимов,
Н.К. Касиев,
Т.С. Мейманалиев,
Т.Д. Абдраимов,
М.А. Мамбетов,
С. Т. Абдикаримов,
С.А. Жумабеков,
Д.З. Сагынбаева,
Т.А. Батыралиев,
К.С. Чолпонбаев,
Ж.О. Касымбеков,
Г.М. Баатырова,
М.А. Исмаилов,
Б.К. Арыкбаева,
К.К. Байдавлетов,
В.К. Раимбачаева,
А.Т. Маткеримов
жана Кыргыз Республикасынын жалпы медицина коомчулугу.

# КАБА УУЛУ КОЖОМКУЛ АТЫНДАГЫ СПОРТ ОРДОСУНА 50 ЖЫЛ



- **Мурунку аталышы:** Ленин атындагы Спорт сарайы. 1993-жылы Каба уулу Кожомкул деп өзгөртүлгөн.
- **Дареги:** Тоголок Молдо 40, Муратбек Рыскулов көчөсү менен кесилишет.
- **Тарыхы:** Кыргыз ССРинин мамлекеттик спорт комитетинин демилгеси менен Москва шаарындагы "Союзспортпроект" уюму тарабынан 1967-жылы долбоорлоо ишине киришип, 1971-жылы курулуш иштери башталып, 1974-жылы ишке берилген.
- **Архитекторлору:** А. Костин, В. Маруков.
- **Инженери:** К.Ильенко.

Элүү жылдык зор тарыхы бар спорт ордосунда не деген мамлекеттик, эл аралык иш-чаралар, спорттук мелдештер өттү. Маданий иш-чаралар да абдан көп өткөнү, экинчи филармония болуп калганынан кабар берет. Республикабыз боюнча жападан жалгыз спорт сарайы болсо да, колдонууга берилгенден бери толук оңдоп-түзөөдөн өтө элек. Ар жылы майда оңдоодон өтүп отуруп спорт ордосу элге, мамлекетке татыктуу кызмат кылып келатат. Дагы да кылымдап кызмат кылуу үчүн бул тарыхый зор имаратты баштан аягына дейре капиталдык оңдоодон өткөрүү мезгилдин талабы. Мамлекетибиздеги көптөгөн мамлекеттик мекемелер толук түрдө оңдоодон өттү. Мисалы: Токтогул Сатылганов атындагы улуттук филармония, Абдылас Малдыбаев атындагы опера жана балет театры, Абубакир Изибаев атындагы мамлекеттик цирки, Токтоболот Абдымомунов атындагы кыргыз драм театры, Чыңгыз Айтматов атындагы орус драм театры ж.б. Кезек Каба уулу Кожомкул атындагы спорт ордосуна келип жетти деген ойдобуз.

Каба уулу Кожомкул атындагы спорт ордосунун 50 жылдык маарекеси менен чын дилден куттуктайбыз. Миңдеген искусство ышкыбоздорун батырып черин жазган, жүздөгөн инсандардын багын ачкан спорт сарайы кылымдарды карытышына тилектешпиз.

**Орозалы Жапар уулу**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№11
(309)

29
11
2024

kyrgyztili@mail.ru

# «Сарыкунандын» (Сагынбек) сабактары



**Б. Баймырзаев, Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз адабияты кафедрасынын доценти**

*(Уландысы. Башы өткөн санда)*

Курман: Керене жоолук белине
Чалып келди деп уктум.
Токтогул: Кең Суусамыр жайлоого
Калык келди деп уктум.
Курман: Түнкатар , саяк элине
Калык келди деп уктум.
Токтогул: Дүбүрттүү Сарыкунанды
Алып келди деп уктум.

Калык аттан секирип түшүп Toком менен кучакташып көрүштү. Устатым Калык элдик дастандарды айтырыш үчүн Токомдун үстүнө алып кирди. Саламдашып олтургандан кийин Toком элге кайрылып: - Кана, Калыктын үйрөткөн баласы Сарыкунандын чамасын сынап көрөлү. "Жаныш, Байыш", "Курманбек", "Кедейкандан" айтып, олтурган элди ыраазы кыл балам, - деп колундагы комузун мага сунду. "Жаныш, Байыш", "Курманбектен" үзүндү айткандан кийин "Кедейканды" толук айттырып угуп, Токтогулдун баасы мындай болду: - Колуңдун шадысы кыска, катын кол экенсиң балам. Залкар күүлөрдү үйрөнөм деп убара боло берсең, акындыктан алыстап каласың. Обон күүнү үйрөнүп, акындык жолуңа көңүл бур, балам. "Кедейканды" Сарыкунандан эч кимиң талашпагыла" деп, өзү санат ырдап айтты" (Абдракунов.Т. Калыктын шакирти . // Ала Тоо , 1971-ж, №11 , 148-149- беттер). Ушунун өзү "Сарыкунандын бир жылда ушунчалык даражага жетиши жаш талапкердин зээндүүлүгүн, ошол эле учурда Калыктын дагы шакирттерине талапты катуу коюп, таасын таптай билген чыныгы ири устат экендигин далилдей" турганыгын адабиятчы, маркум А.Обозканов да туура белгилеген (Обозканов.А. Сарыкунан (Сагынбек) Дыйканбай уулу . Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. V том, Бишкек, 2017-ж., 599-600-беттер). Сагынбек Дыйканбаевдин жаш кезде ырдаган ырлары, алгачкы чыгармачылыгы бизге толук жеткен жок. Анын өзүнүн айтуусу боюнча гана айрым бир жагдайларга байланыштуу ырдалган ырлары аркылуу боолголоп билсек болот. Ал ошол 1920-30-жылдары айыл активи катары (Чым-Коргон айылдык Кеңешинин катчысы болуп шайланган -Б.Б.) саясий иш-чараларга (жерсуу реформасы, орто чарбаны тап катары жоюу, аялдар азаттыгы ж.б.) чапчаң аралашып, эл арасында оозго алынып турган мезгилинде 1932-жылы Казакстандан ооп келген көпчүлүктүн ичинде (ошол жылдары канатташ казак калкы катуу кургакчылыкка кабылып, эгин болбой калып, көбү кыргыздарга келип жан сакташкан – Б.Б.) жаш сулуу келин да кошо келип, Чым-Коргондо Байгазы деген кишиникинде туруп калат. Муну бир көргөндө эле Сагынбек жактырып, өзүнүн ырынын, жеке талантынын күчү менен ал келинди ийге келтирип, акыры ага баш кошот. Булардын үй-бүлөлүк турмушу болгону үч жылга созулуп, аягында төрөлгөн жаш баласы, алган казак аялы удаа-удаа каза болуп, өзү бул оор кайгыга чыдабастан жер кезип, тентип кетет. Ал айткандай Аксы, Анжиян, Фергана аймагын түрө кыдырып жүрүп, улуу акын Токтогулдун туулуп-өскөн Мекени Кетмен-Төбөнү турук кылып, анда көп жыл жашап калат. Чыныраган бойду алган жаштык каруу-күчтөн кайтып, орто жаштан ооп, тагдырдын татаал сыноолоруна моюн сунуп калган чагында Сары Өзөн Чүйгө келип, өмүрүнүн аяккы этабын ушул чөлкөмдө өткөрөт.Анын акындык өнөргө болгон баштапкы шыгы өз энеси казак кызы болгондон улам ошол элдин өлөңдөрү менен эрте аралашып, ички талант-жөндөмү, ырга болгон ышкысы ошол жактан баштап түптөлүп, ал акындап өз мерчемине өсүп жеткен. Ырчылыктын соңку бөлүгү өспүрүм куракка келген маалда ошол өз айылындагы "чымындуу" өнөр адамдары катары саналган Бөлөкбай, Мырзакмат дегендерден таасир алып, алардан элдик ырлардын классикалык үлгүлөрүн, акындыктын алдыңкы тажрыйбаларын алууга жетишет. Фольклорист, профессор С.Закиров айылдык Бөлөкбай ырчы жөнүндө эскерип, анын карагай тилип жаткан төрт жигитке карата таамай айткан таасын саптары ошол замат эл арасына тарап, көпчүлүктүн эсинде калгандыгы, ушундай адамдардан үгүт алган Сагынбектин элге эрте таанылып, белгилүү болушуна чоң түрткү болгондугун жазат(Закиров.С. Сарыкунан. Китепте: Закиров.С. Кыргыз санжырасы. Бишкек. 1996-ж. 392-бет). Ушул эле маалымат ыр саптарын белгилүү төкмө акын Ы.Борончиев өз кезегинде кара жаак Калмырзага таандык кылып айткандарын да билебиз. Кандай болсо да атактуу Сарыкунан ырчынын акындык өнөрдүн тарыхында устат жана шакирттик салтты улай жогоруда айтылгандай айыл ырчыларынан тартып тоо булбулу Токтогул, Калык, Осмонкул, Жаманкул өңдүү чоң таланттардан таалим алганы эч кандай күмөн жаратпайт.

Кыргыз адабиятчы-фольклористтери: С.Закиров, Б.Кебекова, Т.Абдракунов, П.Ирисов, А.Обозкановдор баса белгилеп көрсөтүшкөндөй акын, дастанчы С.Дыйканбаевдин өнөр салмагы айтуучулук, дастанчылык жагына көбүрөөк оодук экендиги анык. Анын далили катары азыркы күндө анын оозунан жазылып алынган "Курманбек" эпосунун өзүнчө бир вариантын айтсак болот. Ал эми фольклорист, маркум Б.Кебекова анын айтуусундагы "Жаныш, Байыш" эпосуна жазган "Кириш сөзүндө" төмөнкү жагдайды белгилейт: "Мында бир кызыктуу нерсе, Сарыкунан эки жолкусунда (1965, 1967-жылдар) эки башка айткан. Айрыкча экинчиси көркөмдүгү жагынан кескин айырмаланат. Алгач жаздырышканда соолгунуракай айтып, айрым өзгөчөлүктөрүнө карабастан К.Акиевдин вариантынын чегинен көп чыга албаган болсо, кийинки айтышы өзүнүн биринчи жаздырышынан кескин айырмаланып, өз алдынча вариантты түзөт"- деп анын айтуусундагы айтылуу "Жаныш, Байыш" эпосу да сапаттык жактан алганда жогорку деңгээлде экенин белгилеп көрсөткөн (Кебекова.Б. Кириш сөз. Китепте: Жаныш, Байыш . Бишкек, 1995-ж., 24-бет). Ал эми адабиятчы, маркум А.Обозканов анын айтуусундагы "Курманбек" эпосу жөнүндө мына буларга токтолот: "Жакшылап үңүлүп көрсөк Калыктын "Курманбегин" Сарыкунан да кыйла жаңылаган. Сарыкунандын устатын түзмө-түз туурабагандыгы анын вариантты менен таанышкан адамга өзү эле белгилүү болот. Сарыкунанда эпос Курманбектин калмактардан алым алаар убагынан эки ай (Калыкта үч ай) өтүп кетип, атасынан Телтору атты суратып жаткан убагынан башталат. Бул вариантта Тейитбектин уулуна ат бербей коюшуна ата-баланы бөлүпжарып, барыдан мурда жаш өгөй энеси себепчи болот. Сарыкунанда:

*Азаптуу апам өлбөсө,*
*Алыстайт белем куу чалдан.*
*Ак жолтоюм Телтору,*
*Ажырайт белем тулпардан.*
*Өгөй энем шум экен,*
*Өз билгенин бербеген-* деп

баяндайт. Калыкта Тейитбектин жаш токолу жөнүндө сөз болбойт. Бирок, бул абдан ынанымдуу чыккан"(Обозканов.А. Сарыкунан (Сагынбек) Дыйканбай уулу. Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. V том. Бишкек. 2017-ж., 608-бет.). Чындыгында Сарыкунан "Курманбек" эпосун жаңы деңгээлге көтөргөн. Кыргыз ырчылар чыгармачылыгында чыныгы изденүү деген эмне, ал кандай нукта ишке ашат?-деген суроолорго практика жүзүндө жооп берген акындардын бири ушул Сагынбек (Сарыкунан) Дыйканбаев болгон. Бул варианттын өзүнө келе турган болсок: Эки ийни, башы көрүнүп,

*Эси ооду терге чөмүлүп,*
*Тектирчеде олтурат*
*Тең жарымынан көмүлүп.*
*"Чыгамын" дейт чыга албайт,*
*Чыгаар айла кыла албайт.*
*Бел байлап кыйла обдулат,*
*Белин тартып туралбайт-*

деген өңдүү кыйын кырдаал Курманбектин жарадар болуп, кош андан чыгалбай жаткан жеринен алынып сүрөттөлгөн. Башкы каарман Курманбектин бул абалы ырчы Сарыкунан тарабынан жеткиликтүү деңгээлде чыныгы реалдуулуктун чегинде ачылып берилген. "Мында адамдардын адамдыгы менен катар пастыгы, эрдиги менен коркоктугу, акылдуулугу жана эссиздиги, жоомарттыгы жана сарандыгы, кең пейилдиги жана көрө албастыгы өңдүү карама-каршылыктуу жагы сынга түшүп, айрыкча Курманбектин арманы менен Тейитбектин кандай адам, ким экендигине чекит коюлуп, Телтору аттын баасы анык билинип, кыйын кезде кырк жигиттин кырк тыйынча пайдасы тийбеген арамдыгы, өзүнүн "жалгыздыгы" кайрыкталып, өзүнчө эле "Көкөй кестидей" күү болуп чертилип, айрыкча Курманбектин психологиялык түйшөлүүсү тимеле ички чыңалуунун апогейине чыккандыгын" адабиятчы Абдысалам Обозканов Сарыкунандагы күчтүү айтылган эпизоддордун дагы бири катары эсептейт. Аталган акынга таандык мындай күчтүү таасири бар эпизоддор, окуялар анын айтуусундагы көптөгөн элдик чыгармаларга мүнөздүү экенин А.Обозканов учурунда туура байкаган. Мисалы: "Айрым убактарда ал эпосту баяндоо менен катар өзүнүн жеке тагдырын сүрөттөп кеткен учурларына туш болобуз. Курманбек атасынан Телторуну ала албай шаабайы сууп өз ордосуна келгендеги сүйгөн жары Канышай менен сүйүктүү уулу Сейитбектин Курманбекти кучак жая тосуп алган береги эпизодду Сарыкунан өзүнүн ай чырайлуу казак аялы менен чарчап калган өз уулун элестетип жазган өңдүү:

*Атага бала жарашып,*
*Алганы басып жанашып.*
*Колтугунда буралып,*
*Колоң чачы чубалып.*
*"Аман келди төрөм" деп*
*Айдай жүзү кубанып.*
*Карчыга, моюн, жайык төш,*
*Катындан чыккан кара көз.*
*Акылы да, өңү да,*
*Адамдык сыпат, жөнү да,*
*Ай чырайлуу, ак маңдай,*
*Аялдан башка келбети.*
*Ак жүзүнө жарашкан*
*Алкымда жакут, бермети.*
*Бардык жактан келишкен,*
*Баскан, турган сөөлөтү.*
*Алганы болсо ар кимдин*
*Аманат жандын дөөлөтү.*
*(Жог-ку ат-ган эмгекте.* 610-бет)



Ортодо Сарыкунан

*(Уландысы кийинки санда)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№11 (309)
29 11 2024
kyrgyztili@mail.ru

# Арыбаңыздар, улуу элдин урпактары!

7-8-ноябрда ата-бабаларыбызды эскерип, алардын бизге калтырган улуу мурастарын, руханий асыл баалуулуктарын урматтоо менен дагы бир жолу таазим кылабыз. 1924-жылы негизделген Кара Кыргыз автономиялуу облусу эгемендүү мамлекеттүүлүктүн пайдубалын түзгөн тарыхый окуя болду. Бул жылы анын 100 жылдыгын белгилеп, Кыргызстандын бардык аймактарында өткөрүлүп жаткан иш-чаралар бул тарыхый жолду урматтоо менен элибиздин улуттук рухун жана маданиятын даңазалоо максатын көздөйт.

Кыргызстандын алгачкы мамлекеттүүлүгүн түптөөгө зор салым кошкон улуу инсандарыбыз: Төрөкул Жанузаков, Абдыкерим Сыдыков, Иманалы Айдарбеков, Абдыкадыр Орозбеков, Ишеналы Арабаев, Жусуп Абдрахманов жана башка көптөгөн мекенчил азаматтар элибиздин келечегин ойлоп, Кыргызстан үчүн талыкпай эмгектенишкен. Алардын көрөгөчтүгү жана эмгеги менен бүгүн Кабиз эркин мамлекетибиздин эркиндигинен жана сыймыгынан бөлүшүп жатабыз.

Ар бирибиз ата-бабаларыбыздын ушул жолун улап, тилибизди жана маданиятыбызды сактап калуу милдетибиз бар. Кыргыз тили — бул биздин улуттук өзгөчөлүгүбүз, жүрөгүбүздүн тили, рухубуздун үнү. Тил — бул ата-бабаларыбыздын бизге калтырган баалуу мурасы, аны ар бир кыргыз азаматы коргоого жана өркүндөтүүгө милдеттүү.

Бизди тынчтыкка, ынтымакка жана биримдикке чакырган ата-бабаларыбыздын акылман сөздөрүн жана салтын сактоо менен гана кыргыз улуту катары өз жүзүбүздү сактап кала алабыз. Эгемендик менен эркиндиктин баасын билип, өсүп-өнүгүп жаткан мамлекетибизди бекемдеш үчүн ар бирибиз тилге жана ата-бабаларыбыздын мурастарына жоопкерчилик менен мамиле кылууга тийишпиз.

Улуу ата-бабаларыбыздын көрөгөчтүгүнө, күрөшүнө жана улуу жолуна терең урмат менен таазим айтабыз. Элибиз аман, мамлекетибизде биримдик жана тынчтык болсун!

**Урматтоо менен,**
**Мелис Мураталиев, КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы.**

*Аңгеме*

# Бөлүнүү



Топчугүл ШАЙДУЛЛАЕВА



Кеч күздүн жамгырлуу суугуна карабай Гүлсара саарлап өкүл апасынын үйүнө жөнөдү. Кечээги бирөөдөн уккан сөз аны түн бою уктаткан эмес эле. Ичиндеги сары-санаасын сырдана апасы менен бөлүшпөсө колу эч нерсеге барбай калды. Шаша басып келаткан келиндин жүзүнө чаба жааган муздак жамгыр аны кудум учуктап, эмдеп аткандай өкүл апасынын үйүнө жеткенче кыйла сергитип койду.

Мелмилдеген жылуу, ирettүү үйдүн чоң бөлмөсүндө жашы алтымышты таяган байбиче жаңы тигилген жууркaнды жайып алып ичине кебез салып аткан. Ал өкүл кызын көрүп сүйүнүп кетти.

– Келгениң жакшы болбодубу, айланайын, сени өзүм жардамга чакырсамбы деп аткам. - Үйүлгөн кебезди тиктеп, таң калган Гүлсарага өкүл апасы шыбырай сүйлөдү:

– Өкүл атаңдын төшөгүн бөлөйүн дедим... – "Аа, сүйүү ушинтип бир күнү бүтөт экен да" деди ичинен келин өкүл энесине таңдана карап. Чыканактай абжир байбиче аппак буладай созулган кебезди алакандары менен бапестеп, жууркaнга текшилеп салып жатып кебин улады:

– Анын үстүнө эски төшөктөрдүн пахтасы жукарып, ылыгы да калбады. Кийинки маалда өкүл атаңдын буттары какшап, үшүкчөл болуп баратат, карылык да. Пахтасын калыңдап салып, каптап берейин дедим... Жылуу, жумшак жамынып жатсын, бечарам.

Байбиченин бир башкача ынтызарлык менен "абышкамдын астына салганга, үстүнө жапканга" деп үлпүлдөтө төшөк, жууркaн даярдап атканынан көз албай тиктеген Гүлсара эми ичинен "сүйүү бүтпөптүр" деди. "Бу эрди-катында сүйүүнүн башка учуру, башка түрү башталгандай..." – Келин кебез салышканча улам-улам өкүл энесинин жүзүнө тандана карай берди.

– Кырк жыл бир жаздыкка баш коюппуз, өкүл атаңа ыраазымын, жаздыкка тамчы жашым тамбады. Бала-чакалуу болдук, кудайга миң шүгүр. – Байбиче эми башын көтөрүп, маңдайындагы мейрапка тигиле карады:

– Мынабу жыйылган төшөктөрдү көрдүңбү? Булар менин себиме келген. Никелешкен алгачкы түнү жеңелерибиз ушунун баарын калың кылып салып бизди жаткырган эле. Анда бу төшөктөр барсайып, пахта жыттанып, кездемеси бир башкача шуудурап турчу. Кырк жыл кырк күндөй өттү да кетти... - Өкүл эне абышкасы экөөнүн жыты сиңген жууркан төшөктөрүн бир сыйра көзүнөн өткөрүп алды.

– "Төшөгүн бөлөм" деген оюмду өкүл атаңа али айта элекмин. Өзүм акырын камылганы көрө берейин дедим, бир ыңгай жолун таап билдирээрмин.

– Өкүл атам бөлүнбөймүн десечи?

– Ээ, кызым, биз эми карыдык, ар нерсенин өз убагы болот экен, өкүл атаң менден көрөөр кызыгын көрдү, алаар түшүмдөрүн алды..., эми экөөбүздүн ырдаар ырыбыз деле калбады.

Жууркан, төшөктөрдү капташып (көктөшүп Т.Ш.) аткан келин бу эки адамдын кечирген өмүрүнө ичинен суктанды, кандай чырайына толгон жашоо.

Гүлсаранын болсо жаздыгынын сууланбаган учуру аз, көзүн көп жаштайт. Жапжаш туруп күйөөсү экөөнүн төшөгү бөлүнүп калганына эки жылдан ашты. Алыска иштейм деп кеткен эри адегенде тез-тез пул салып, телефон чалып турат эле, бир жылдан бери ортолору сууп кетти. Сүйлөшсө жат адамдай, үнү да, сөзү да өзгөрүп, башкача. Артынан издеп барып, кошо жүрүп иштейин десе үч баласы биринен бири майда.

– Балдарга кудай ынсап, ыйман берсин, чал экөөбүз энди ошолордун колуна билинбей түшүп баратабыз. – Божурап сүйлөп аткан байбиче бир маалда өкүл кызынын жүзүндөгү санааны байкап калды. Чыдабады:

– Ай, бери кара, Гүлсара, Ырассияда жүргөн бир эле сенин эриңби, келет, кайсы гөргө бармак эле. Балдарыңды жакшылап карай бер, үйү-жайың турса, иштеген ишиң бар. Не кылабыз, бу да азыркылардын пешенеси экен, биздин заманда "Ырассияга кетмей" деген балээ жок эле, отубуздун, суубуздун барына эле топук кылып тиригигибизди кыла берет элек.

– Өкүл уулуңуз башка аял алып алган окшойт, өкүл апа, менден баары жашырып аткандай, кечээ да бир сөз уктум... – Келин баятан эптеп кармап турган көз жашын төгүп жиберди. – Балдарды алып атамдардыкына кетет окшоймун...

– Не деп атасың, кызым ! Сени ордолуу жылан дейт, үйүңдөн бир кадам жылба! Алыста жүргөн адамды ушак-тешек ээрчий берет, даргөйүңдү кең кылып, өзүңө бекем болгун, жан балам. - Байбиче ордунан козголуп, өкүл кызын кучактап, бетинен сүйдү:

– Мени айтты дээрсиң, аның темселеп жүрүп-жүрүп кайра келет, бирөөнүн эри бирөөгө эр болуп жарытабы, көрүнгөндүн сөзүн ээрчибе.

Ошол, ошол, Гүлсара өзүн ордолуу жылан сезип, күйөөсүн көп жыл күттү. Күткөнү ушунчалык, себине келген мейрап толо, али эскире элек, дээрлик жаңы төшөктөрүн эчен курдай күнгө жайып, кебезин барсайтып, кайра жүккө жыйып, канча ирет убара тартты. Өзүн күйөөсү бар аялдай сезүүгө кыйла жыл аракет кылды. Эрдикатындын төшөгү курусун, кээ күндөрү келиндин ичине чок салып, сагынычы менен күйүнүчүн козгоп жиберет эле. Андай маалда жууркан, төшөктөрүнүн баарын сыртка ыргытып, тытып-тытып, өрттөп жибергиси келип кетчү. Кийин-кийин, жылдар өтүп Гүлсара минтпей калды. Бөлмө төрүндөгү жыйылган сеп төшөктөрүн анда-санда кайдыгер карап койбосо, алардын бар экенин да унутту. Эри экөөнүн бир кезде колдонгон жууркан төшөнчүсү мейрапта жыйылган тейде эскирди, ичиндеги кебези жукарды, сыртындагы кездемесинин өңү өчтү. Эми алар бара-бара үйдөгү туш келди уруна турган көп төшөк-жууркандардын бирине айланды.

Келиндин өкүл апасы кандай болгон күндө да туура айтыптыр.

Балдар бой тартып, Гүлсара токтолуп, тотугуп калган маалда дайынсыз жоголду деген күйөөсү үйгө капыс кирип келди. Адегенде балдар картая түшкөн атасын, атасы бой жетип калган балдарын таанибай турду.

Бирок атасы менен балдары бат эле таанышып да, табышып да алышты.

Бир гана Гүлсара менен күйөөсүнүн бөлүнүп калган төшөгү ошол бойдон кайра бирикпеди.

Болгону балдарынын атасы коргондун бир тарабындагы өзүнчө турган эски үйдөн жай алды. Бу Гүлсаранын чечими эле.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№11 (309)
29 11 2024
kyrgyztili@mail.ru

# Башка тийген “баклашка”, же узак жашоонун сыры



**Аваз ЖОКЕЙ**

Таңкы таза абадан жутуп жумушка шашпай келаттым. Маанай көтөрүңкү. Шефтин тапшырмасын түнү бою отурсам да бүтүрдүм. Бир колумда желим баштык, экинчи колумда портфель. Өзүм жөө жүргөндү жакшы көрөм. Жөө баскан пайдалуу эмеспи, айрыкча картая баштаганда... Эй, эй!.. Абайлап сүйлө! Картайганга али эрте. Жаш элемин... артымдан караганда. Чынын айтсам, ашып бараттсам да, пенсияга чыккым келбейт. Эсеп-кысапты так билген бухгалтер болгонум үчүн эле башчым мени кармап жүрөт. Бирок кичине эле кынтык тапса пенсияга айдарын сезип турам.

Бакты аралап төтө жолго салдым. Таң атпай бирөө-жарымга тийишейин деген ой да жок. Ичимден кыңылдап ырдап келаткам. Капыстан каптал жактан бир караан секирди, жолумду тороду... Тык токтодум. Беттери кара-көк тарткан, канталаган көздөрүн кызарткан каракчы каршы алдымда турду.

– Салам брат! Чылым барбы?

Сүйлөгөнгө дарман жок мен башымды чайкадым.

– Чекпейсиңби?..

Мен башымды ийкедим.

– А эмне, брат, жүзгө чыккың келеби?.. Бирок ажал аныңа карабайт, каалаган убакта алып кете берет, – деп арсак сары тиштерин ырсайтып койнунан килтейген бычак алып чыкты.

Тилим күрмөөгө келбей, көздөрүм тостойду.

– Акчаң барбы??

Капчыгымды колуна карматтым. Ал буйдалбастан болгон акчаны сууруп чыкты.

– Ушул элеби?

Мен башымды ийкедим.

– Сотканң кана?..

Аны да карматтым.

– Портфелиңде эмне бар?

– Жок... Эч нерсе... жок... ичинде... – башым калтырап мукактандым. Портфелимди боорума бекем кыстым.

Кантип берем? Бербей калайын!.. Жарым жылдык отчетту. Өлсөм өлөөрмүн... бирок!..

Портфелди аркама жашырып кетенчиктедим... Ал аңгыча бирөөлөрдүн келаткан дабышы чыкты, мен кобур-собур үндөргө үмүт артып кылчая карадым. Ушуну эле күтүп тургансып, тиги шүмшүк портфелимди колдон жулду да качып жөнөдү.

– Токто-оо!... Жардамга-аа!... – үнүмдүн болушунча кыйкырдым.

Кайсалап таш издедим... Жок... Баштыкта “баклашка” бар эле, ала коюп күчүмдүн болушунча ыргыттым. Бумеранг сыяктуу тегеренип барып тигинин көк желкесине тийди. Каракчы үстөмөндөп барып асфальтты сүздү. Ошол бойдон кыймылдабай жатып калды... Өзүм да таң калдым, тим эле укмуш кино! “Крокодил Данди” биякта эле калат!

Өлбөптүр, колдоруна кишен салып алып кетишти милийсага.

– Бул каракчы эбактан бери издөөдө жүргөн, – деди, министрликтен келген өкүл.

Ал мени издеп атайын жумушка келиптир. Жыйын кылып элдин көзүнчө жылуу сөздөрүн айтып аябай ыраазычылыгын билдирди. Аягында оң колумду бекем кысып, сол колума калың конверт карматты...

Албетте, алган сыйлыгымды кесиптештериме “майлап” бердим. Алардан да жакшы сөздөрдү уктум, орден берсе болмок дешти кызыган соң... Айрыкча башчым отчетту убагында бергениме абдан ыраазы экенин билдирди. Банкет аяктап калганда кулагыма шыбырады:

– Чын эле, “баклашканын” ушунчалык түз тийгенине таң калам. Машыгып жүрдүңүз беле?

– Ооба, кээде стадионго барып качма топ оюнуна катышып турам. Пенсияга эрте кетпейин деп спорттон алыстабай жүрөм...– деп жылмая карадым.

Башчым каткыра күлдү да, аның туура дегенсип далыга таптап койду. Бала кезде кезүү кайтарып жүрүп таш менен далай уйлардын мүйүзүн зыркыраткам деп айтсам, эртеси эле эс алууга кетемби деп корктум. Анткени, “шефтин мүйүзү бар экен” деген ушак уккан элем...

Эми “суу куюлган “баклашка” менен килтейген немени кантип оңкосунан түшүрдү?” деп окурман да ойлонушу мүмкүн. Менин адатым бар, күнүгө кечинде бир литр таза сууну үйдөгү муздаткычтын тоңдурмасына салып коймой. Анан эртең менен сууну, тагыраак айтканда, таштай катып тоңгон музду жумушка алып жөнөмөй...

Ал өзү күнөөлүү, мага тийишпей эле койсо болмок. Анан карап турамбы отчетту алдырып коюп? Ал деген оңой иш эмес! Күнү-түнү акыйып отурасың, көздүн майын коротуп. Анүстүнө, башчым “Отчетту убагында бүтүрсөң эмгек келишимди дагы узартам” дегени эсимде.

Тоңгон сууну жумушта эритип алып кечке ичем. Муз болуп эригенден кийин ден соолукка абдан пайдалуу дешет. Структурасы өзгөргөн суу адамга күч берип картайтпайт экен. Ошондуктан, ден соолугуң чың болуу үчүн тоңгон сууну эритип алып ичүү керек. Колуңардан келсе, тоого барып мөңгүнүн суусун ичсеңер андан да мыкты натыйжага жетесиңер! Жүзгө чыгасыңар дейт, илимпоздор.

Ушундай экен пенсияга чыкпоонун сыры.

## Сөздөрдү кыргыз тилинде жазып, кроссвордду толтуруңуз

*1. Отпуск 2. Потенциал 3. Лыжа 4. Очередь 5. Мята 6. Свет*
*7. Размер 8. Стул 9. Квитанция 10. Остановка 11. Печать 12. Пробный 13. Наушиник 14. Помидор*




ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№11
(309)

29
11
2024

kyrgyztili@mail.ru

tilimpöz

## Катасыз кыргыз тили

Булак: Сулайман Рысбаев. Кыргыздын улуттук баалуулуктары жана нарктуу түшүнүктөрү.

*Сүйлөгөн сөзүнө жараша адамга берилген мүнөздөмө: Сөз арасында адамды сүрөттөө үчүн колдонулган айкаштар.*

**Сары ооз** - сөз биле бербеген, жаш, турмуштун ысык-суугун көрө элек жаш бала.

**Ачык ооз** - сөздү кармай албаган, оозуна келгенин айта берген, сөзгө бекем эмес адам.

**Бакан ооз** - ушакчы, айгак адам.

**Кара ооз** - оозунан жакшы сөз чыкпаган адам.

**Кери ооз** - тетири сүйлөп, ынтымакка кирбеген адам.

**Жалаяк ооз** - ажылдап сүйлөп турган, сөз маанисин билбеген адам.

**Ириген ооз** - оозунан уруштун, жаңжалдын сөзү чыгып, элди уруштуруп турган адам.

**Бек ооз** - убадага бек турган адам.

**Бок ооз** - сөгүнүп, уят сөздү көп айткан адам.

**Оймок ооз** - анда-санда чоюлуп сүйлөгөн, сыпайы адам.

**Алтын ооз** - нарктуу-барктуу сүйлөгөн, сөзмөр, чечен адам.

**Арам ооз** - кутум сөз сүйлөп, эл бузган жаман адам.

**Жазыктуу ооз** - туура эмес сөз сүйлөп жазыктуу, айыптуу, күнөөлүү болгон адам.

**Сасык ооз** - жаман сөзү менен элге жек көрүндү болгон адам.

**Куру ооз** - жыйында сөз тийбей калган, же тамак тийбей калган адам.

*Кыргыз тилинин сөз байлыгы кең!*

# Айта келсе аты улук бешбармактын түрлөрү же наарын деген эмне?

**Шаакан ТОКТОГУЛ:**

*Күлгөнгө кашы даяр, берерге ашы даяр кыргыз журтунун пейили менен ниети тасмал дасмиясынан агылып-төгүлүп турат эмеспи. Көңүлдү көп нерседен бийик койгон элибиздин ашканасы да ары кызыктуу, ары пайдалуу болгон. Эне башаттын эзелки мурасы кылымдардын элегинде иргелип, бай тажрыйбанын түшүмүн арттырган бешбармактын бир канча түрлөрүнө токтолобуз. Айта келсе аты улук, той-аштын көркү болгон азыктын кызыктарына назар бурабыз.*

## БЕШБАРМАК

Бешбармак элибиздин эң эле сыйлуу тамактарынын бири. Айрым маалыматтарда алгач ал "наарын" деп аталган. Азыркы тапта ал көп айтылбай архаизм катары аксакалдардын оозунда, жомок, дастандарда гана учурайт. Бирок бешбармактын жасалышы деле наарынга окшош. "Бешбармак" деген түшүнүк өткөн кылымдын башында пайда болгон деген илимпоздордун пикири бар. Аны жылкы, уй, кой, эчки, ошондой эле кийиктин этинен да даярдоого болот. Азыркы күндө бешбармактын бир нече түрү жасалып келет. Мисалы, алашак бешбармак, селделүү бешбармак, мээлеген бешбармак, казы-карта бешбармак, ич эттен бешбармак, сүр бешбармак, күлчатай бешбармак. Бешбармак ылайыгына жараша шорпо, ак серке, чагыр менен берилет.

## НААРЫН

Майда тууралган эт азыгы. Адатта жылкынын, уйдун, топоздун, кайберен менен жандык малдын бышкан же сүрсүтүлгөн эттеринен майда тууралып, чык кошулуп жасалган өтө кубаттуу тамак. Наарын эски наарын, алашак, үйүрмө келдемиян, мээлеген наарын, сүр наарын, сүрөөн наарын, ак дөбө, шапшыма, күлчө наарын деп бөлүнөт.

## ЭСКИ НААРЫН

Бодо малдын жана кийиктин жалаң этинен жасалган тамак. Кубаты жагынан башка тамактардан алда канча жогору турат. Жогоруда айтылгандай бышкан эттен майда тууралып, сарымсак, согон кошулган чык менен кошо тартылган.

## АЛАШАК НААРЫН

Негизинен койдун жаңы союлган этинен жасалат. Башка малдын этинен жасалган учурда дагы үстүнө койдун куйрук майы тууралат. Алашак деп аталгандыгынын себеби дагы ушул куйрук тууралгандыктан айтылган. Алашак наарын көбүнчө ак серке менен берилет.

## АК ДӨБӨ

Төөнүн этинен жасалган наарындын эски түрү. Казанга төөнүн жиликтерин чагып салып, бышканда этин майда туурап, ага чык куюп, үстүнө сөөктүн чучугун салып тартат. Ак дөбөгө сөөктүн чучугу кошулгандыктан өтө кубаттуу жана майлуу келет. Ошондуктан куршуган айранга азыраак шорпо кошуп, ак серке кылып ичишкен.

## ТИЗГИН ЖЫЯР

Эзелки азыктардын кубаты менен даярдоо ыкмасы, албетте, заман агымына ылайык өзгөрдү. Андагыдай төө союп, жилигин чагып, чучугун жалаң этке кошуп жеген азаматтар эмес, азыркы биз жеп жүргөн көндүм бешбармакты көбүрөөк жесе күптү болгон адамдар бар. Абалкынын кубаттуу азыгы азыркы күнүбүзгө күчтүүлүк кылса да маалымат иретинде айтып өтүүнү туура көрдүк.



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№11 (309)
29 11 2024
kyrgyztili@mail.ru



# Күз...

Бурулкан САРЫГУЛОВА

## Кечки күз

*Чыйрыктырып тулкусун кечки күздүн,*
*Чыргоолонот капкачан оңгон сезим.*
*Көкүрөктүн үлпүлдөк деми кайтып,*
*Көңүл күздөй муңайып турган кези.*

*Телмирет жайдак калган мырза терек,*
*Баарынан чарчап турган жамалыма.*
*Боштукту көңүлдөгү толтурчудай,*
*Жабышат жалбырактар таманыма.*

*Табият өзгөрдүбү-жокпу? Билбейм.*
*Бардыгы салкын, жансыз көрүнүүдө.*
*Өмүрдү кайруу кыйын. Кетти сиңип,*
*Жалын кез топ жылдардын өрүмүнө.*

*Күз кайдан эми жаздын күүсүн чертсин,*
*Тил кайдан бүтсүн эми бариктерге.*
*Күүлөнгөн кыял кайтты базарынан,*
*Өкүнүч, кайдигерлик калып дилде.*

*Күз-сүйүү. Күйгөн көздөр. Ойноок жүрөк*
*Жок азыр. Кетти зуулап өмүр менен.*
*Из калды-калбадыбы? Жоопсуз суроо.*
*Сумсайып турам күздүн көзүндө мен.*

Нуриза ӨМҮРБАЕВА

## Күз...

*Кырчындай жаштыгымды алуу үчүн,*
*Кылчайбай барат күндөр улам жылып.*
*Күлкүмдү уурдап алды суук сөздөй,*
*Күз ушул, күйүт сырын чубап чыгып.*

*Ыйманы, сулуулугум, пейлим менен,*
*Ырдатсам ким бирөөгө азап ырын,*
*Билбеске барк-сыйымды төмөн коюп,*
*Бирөөнү ыйык тутуп жашадым, чын...*

*Баарыбыз Жараткандан көп сурачу,*
*Бакытка жетүү оңой, кармаш кыйын.*
*Таберик болуп калды өмүрүмө,*
*Тагдырдан көргөн бир кез жалган сыйым*

*Өткөндүн кемчилигин, жаңылышын.*
*Өзүмдөн келем жолдо сурак кылып.*
*Күлкүмдү уурдап алды суук сөздөй,*
*Күз ушул күйүт сырын чубап чыгып.*

Абдилаат_ДООРОВ

## Күзгү кайрык

*Өрүктөр алган кийип,*
*кызгылтым "жанар" көйнөк.*
*Жаш жигит жолдо келет*
*өрүктөй ширин тилдүү*
*өмүрлөш жарын ойлоп.*

*Кең талаа кучагына*
*турушкан сыйбай, батпай.*
*Адырлар коон жыздүү –*
*даңкаят ашкабактай.*

*Дарбыздын тилиги же*
*эзилип бышкан анар.*
*Элесин берип турат*
*кыпкызыл кыя-жарлар.*

*Жыты урат каңылжаарга*
*токчулук, бышыкчылык.*
*Кыз келет чакасына*
*суу сузуп каштай тунук.*

Анасбек ЖУМАЛИЕВ

## Кеч күздө

*...Бул санаа каптап мени оор тумандай,*
*Бир короо кой жоготкон койчулардай,*
*Оор ойдон салмактанган башты мыкчып,*
*Олтурам бөксөлөрүм толтура албай...*

*Өмүргө маани бербей сайрандаган,*
*Өзүмө өзүм азыр айран калам.*
*Өткөргөн жылдарыма иренжидим,*
*Мезгилдин эркесидей тайраңдаган.*

*Жан адам айтпаса да уяткарып,*
*Жан дүйнөм кеч болсо да, туят жанып!*
*Өкүнүчүм калыбына келбес мүмкүн*
*Ийненин сынган көзү сыяктанып.*

*...Салбырап тиктейм күздү санаам менен,*
*Жалдырайт чөөт суулар аян менен,*
*Жаныма батып турат ушунчалык,*
*Жалбырак учуп жатса шамал менен!.*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№11
(309)
29
11
2024
kyrgyztili@mail.ru

# Бадырак

Даярдаган Сүйүн КУРМАНОВА

**Билесиңби?**

*Илгери, илгери, кыйын заманда эл бадырак ( куурулган буудай) менен ачтан кырылбай аман калган учурлар болгон экен. Алаканыңа салсаң колуңду жылыткан, чайнасаң курсак тойгузган бир тоголок дан көчтө болсун, жолдо болсун, гүлазык болуп ачтан аздырбай, жоктон тоздурбай келген.*

*Элибиздин эскирбес да көөнөрбөс, рухий гүлазыгы- макал лакаптар. Кыска, нуска бул сөздөр бадырак сымал кай жерде, кайсы учурда болсун адамды жандап, колдоп, жол көрсөтүп келатат.*

*Макал-лакаптар-көөнөрбөс кенч. Анда биздин жашоо формулабыз катылган. Бул тандамал макалдар түңгүюктан жол, караңгыда көз болуп берет деген ойдобуз.*

*(Уландысы. Башы өткөн санда)*

**Бай билгенди кул билет, айтайын десе эрки жок**

*Колунда жок жакыр болсо эле аны акылсыз деп санаганга болбойт. Айрым учурда жакыр үй бүлөдөн мыкты ишкерлер чыгат*

**Адамдан айла качып кутулбайт**

*Башка иш түшкөндө адам жол издейт*

**Эр эмгегин жер жебейт**

*Эмгек кылсаң сөзсүз үзүрүн көрөсүң*

**Аккула жандан кайранбы**

**“Ак кула”- Манастын аты. Өтө баалуу жаныбар. Бирок кыйын учурда атүгүл Аккуладай баалуу нерсеңди да жан үчүн курман кыласың**

*Айран сураган — аягын жашырбайт*

**Бир нерсе сураган адам эч нерсесин жашыра албайт**

*Айткандын сөзү, ыйлагандын көзү жаман*

**Бир нерсени (уга тургандар үчүн балким жагымсыз) айткан же кейиген адам жаман көрүнөт**

*Айтып кылган иштин айыбы жок*

**Бир нерсени алдын ала айтып, эскертип жасаган иш үчүн күнөөлөгөнгө болбойт**

*Ак ийилет, бирок сынбайт*

**Бир нерсени тактаганча ар кандай кеп кетиши мүмкүн, бирок акыры баары бир чындык жеңет**

*Ак ит, кара ит — баары бир ит*

**Бул сөз “баары эле бирдей жаман” дегенди түшүндүрөт**

*Ак көңүлдүн аты арыбайт, тону тозбойт*

**Ак көңүл адам кимдин болсун көңүлүн оорутпайын деп жумшаган жагына кете берет**

*Аккан сууда арам жок*

**Аккан суу баарын агызып кетет, жаманын да жакшысын да ,ошон үчүн мындай жерде токтоп турган суудагыдай ыпластык болбойт**

*Акма кулакка айтса болбойт, куйма кулакка куйса толбойт*

**Акма кулак-азыр айтканды азыр унуткан адам, ошон үчүн айтканың бекер. Куйма кулак укканын унутпай сактап жүргөн адам**

*Алдыраар күнү — жаздыраар*

**Узак убакыт сактап келген нерсеңди же көптөн күткөн нерсени аз калганда жоготуп алган учур**

*Акмак өзүн — эр ойлойт, аңкек өзүн жер ойлойт*

**Айрым адамдар өзү тууралуу өтө жогорку баалап, колунан келбесе да умтула берет**

*Акыл — баштан, асыл — таштан*

**Акыл-ойду адамдын мээси иштеп чыгат, көркөм асылдык таш буюмдардан жасалат**

*Акылдуу менен арбашпа, алдуу менен кармашпа*

**Акылдуу адам кандай талаш-тартыш болбосун жеңип коет, алдуу адам менен кармашсаң жеңилип уят болсуң**

*Акылдуулар сөз алышат, акылсыздар өч алышат*

**Акылдуу адамдар талаш-тартышты сөз менен, акылсыз адамдар мушташып бүтүрүшөт.**

*Акылы аздын азабы көп*

**Акыл менен иш кылбаган киши азаптуу жагдайга дуушар болот**

*Алгандын бермейи бар (Дагы бир варианты “Бирөөнүн тоогун алсаң каз байла”*

**Бирөөдөн бир нерсе алсаң өз убагында, кемитпей ( атүгүл ашыгы менен) кайра кайтаруу зарыл**

*Алдаса болот жаш башты, каргаса болот как башты*

**Турмуштук тажрыйбасы аз жаштар көп учурда алданып калышат. Улгайган адамдар жасалма, калп нерселерди билип койгондуктан оной менен алданбайт**

*Алдыңкы көч кайда барса, кийинки көч да ошол жакка барат*

**Улуулар баштаган жолду кичүүлөр улантышат**

*Алдыңкы көчтүн адашканын кийинки көч билет*

**Улуулар кетирген катачылыктарды артында келаткан муун аныктайт**

*Алма быш — оозума түш*

**Эч нерсе кылбай эле олжого ээ болгусу келгендер**

*Алтын дат болбойт, жакшы жат болбойт*

**Жакшы киши жат сымал жамандык кылбайт**

*(Уландысы кийинки санда)*

# Азакат



Кыргыз маданияты, журналистикасы жана адабияты чоң жоготууга учурады. Мамлекеттик тилге жана улуттук баалуулуктарга жан дилинен берилген инсан, кесипкөй журналист, “Кыргыз тили” гезитинин башкы редактору – Керимов Дүйшөмбек Касиевич мезгилсиз дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу терең кайгыруу менен көңүл айтабыз.

Дүйшөн Керимов 1956-жылы 27-августа Ат-Башы районундагы Ак-Муз айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1979-жылы ОшПИнин филология факультетин бүтүргөн. Адегенде айылдык мектепте беш жыл мугалим, 1979-1991-жылдары облустук "Нарын правдасы", "Ала-Тоо таңы", 1991-жылдан Республикалык "Мугалимдер газетасы", "Кутбилим", "Кыргыз Руху" гезиттеринде эмгектенген. Адабият, тарых-санжыра, этнография жаатында изденген калемгер. Дүйшөмбек Касиевич өмүрүнүн ар бир күнүндө кыргыз тилинин өнүгүшү, коомдо өз ордун табышы үчүн бүт күчүн жумшады. “Кыргыз тили” гезитинин башкы редактору катары ал кыргыз тилинин баалуулугун, маңызын, улуттук руханий мурасын даңазалап, анын сыймыгын ар дайым жогору көтөрдү. Дүйшөмбек Касиевичтин журналисттик чеберчилиги, ачык көз карашы, терең иликтөө жана так жазуу жөндөмү өзгөчө белгиленчү. Ар бир макаласы, ар бир чыгармасы кыргыз тилин, кыргыз маданиятын жана элдик дөөлөттөрдү өнүктүрүүгө багытталып, коомго чындыкты жеткирүүдө ал калыстыкты жана тактыкты биринчи орунга койчу. Анын кесипкөйлүгү менен жоопкерчилиги аркылуу калыптанган ишмердүүлүгү жалпы кыргыз журналистикасына чоң таасир калтырды.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиевдин жана кесиптештеринин атынан маркумдун үй-бүлөсүнө, жакындарына терең кайгыруу менен көңүл айтабыз.




ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№11 (309)

29 11 2024

kyrgyztili@mail.ru



# Дүйнө салды Дүйшөкем. Эми кана?

## Кайран Дүйшөн ага!

Керемет жан элеңиз. Сиз да кете бердиңизби?

Билгенге зор талант элеңиз. Толук ачылбай кеттиңиз, аттиң!..

Жазсаңыз, ушунчалык ыкласыңызды төшөп жазчусуз. Жанда жок чынчыл болчусуз. Калыс элеңиз. Терең элеңиз. Иштерман элеңиз.

Ютубга элиңиз үчүн ак, калыс пикириңизди айтып чыгып турчусуз. Заман талабына жараша сиздей иштегендер жокко эсе чыны.

"Табыттагы махабат" аттуу эссеңизди окуп ютуб каналыма жүктөйүн деп чалсам: "Сага уруксат. Окуй бер" деп тамашаладыңыз эле. Окуп, бөлүшсөм: "Ыйлаттың го..." деп жооп жаздыңыз. Угуп, жашысаңыз керек...

Колдооңузду сезип, таянып жүрчү экенмин сизге. Кеткениңизде сездим ушуну. Жашай берсеңиз не!...

Элиңизге сиздин керемет чыгармаңызды - "Табыттагы махабат" деген өзүңүз таазим эткен Чыңгыз Айтматов менен Бүбүсара Бейшеналиеванын улуу сүйүүсүн жазган эссеңизди угузайын.

Кабырыңыз нурдуу болсун, Дүйшөн ага. Жараткан жаннатынын эшигин ачсын сизге! Кошуңуз, Ага!

**Гүлзада СТАНАЛИЕВА**

## Дүйшөкөмдүн күнү өчтүбү?

Кош Дүйшөке, таанычабу сени ким?
Жолдош-достон билбейм, кетет эми ким?
Ар көргөндө сыйлачу элең далайды,
Аңыз эле жүрөктөгү кеңдигиң!

Эл байкушка аз өмүрдү берди ким?
Элестейт акыр бараар жерди ким?
Арамдардын башын "кыя" шылкыйтчу,
Ат-Башылык адам деген эрдигиң!

Кош, Дүйшөбек, сыйлайт бизди энди ким?
Тирүүлүктө көптөр билбейт теңдигин!
"Жазбай койгон – пайдалуу деп чөйрөгө",
Жазгандардан бийик эле эрдигиң!..

**Жаныбек ӨМҮРАЛИЕВ**

## Дүйнө салды күтүүсүз...

*Алпейим ачык мүнөз жаркылдаган*
*Адамдан катып сырын тартынбаган,*
*Ааламдан жакшы адамдар өткөн сайын,*
*Аттиң деп жер муштайбыз артында анан.*

*Аскардын күндөн көргүн кенендигин,*
*Асмандын түндө көргүн тереңдигин.*
*Агалар азайышып бараткансыйт*
*Агайын ардактаган терең билим.*

*Айтканын аргументсиз күзгү кылар,*
*Ар дайым амандашсаң ич жылыган.*
*Маңдайга матагандай айтаар эле*
*Маселе сөздү коюп тик кырынан.*

*Жакшынын жакшы кеби алгалатат,*
*Жакпаган жеңил оокат, жалган атак,*
*Актыкты асаба туу көргөн жандан*
*Айрылып арт жагында калган азап!*

*Аганын аскар тоодой деми кана?*
*Ининин тирек кылаар бели кана?*
*Эскинин элесиндей эмес беле,*
*Элинде Дүйшөн Керим эми кана?!*

*Жетпедиң. Жетимиштин чеги кана?*
*Эки аттам калган кезде эми кана,*
*Дүйнөгө Керим уулу керек болчу*
*Дүйнө салды Дүйшөкем. Эми кана?*

*Шум ажал тойбос болдуң бети кара*
*Шумпайдын шумпайы сен нээти кара.*
*Коомубуз коңултактап тураар бир топ...*
*Кош деймин, кош бол кайран Эсил АГА!!*

**Амантай КУТМАНАЛИЕВ**

## Эсил кайран дегенге оозум барбай турат

"Дүйшөн Керимов дүйнө салыптыр" деген суук кабарды укканда, каңырыгым түтөп, сай сөөгүм сыздады. Анткени ал киши менен далай сырдашып, далай сыйлашып, далай ырдашып, кызуу сөздүн күүсү менен далай кырды ашып калган жайым бар.

Дүйшөн акем биринчиден, акыйкатты сүйгөн ашкере чынчыл, көкжал мүнөз инсан болчу. Хандан, бектен жазганбай, оюндагысын тарс бетке айтчу.

Экинчиден, окуганын, укканын эзели унутпаган куйма кулак эле. Турган жеринен кыргыз акындарынын жүздөн ашык тандалма ыр, поэма, котормолорун жатка окуп, обондорун созуп жиберчү. Ар убак анын уникалдуу эс тутумуна таң калчумун.

Үчүнчүдөн, көркөм чыгарманын бурушу менен дурусун, аласы менен чаласын, күңгөйү менен тескейин так ажыраткан, эстетикалык табитин мыкты өөрчүткөн калемгер эле.

Төртүнчүдөн, жасалма, расмий сүйлөгөндөн жаа бою качып, калемпир-мурч аралашкан өткүр тили менен катылгандын катыгын берип, кастарын тиккен атаандашын жүйөөлүү аргумент, кашкайган факты менен аттан оодарып салчу.

Бешинчиден, эгерим сыйлык-наам, чин-даража, мансап-мартаба, кызмат-креслого кызыкпай, эл арасында эркин жашап, бийик асканы байырлаган бүркүттөй шаңшычу.

Алтынчыдан, кооз жаратылышка, сулуу музаларга, таланттуу акындарга, калыс журналисттерге, билимдүү жаштарга, улутман атуулдарга, пакиза адамдарга суктанып, алар менен сырдаш-муңдаш, пикирлеш, курбу-курдаш болууга далалат жасачу.

Жетинчиден, алыскы жолго чогуу аттанган сапарлаштарын эриктирбей, куйкум сөз, азилдери, анекдот, сарказмдары аркылуу аларды рахатка бөлөп, черин жазып, көңүлүн карк кылып, кулак кумарын кандырчу.

Эң башкысы Дүйшөкем акын, жазуучу, публицист, редактор катары адамдык жана жарандык парзын татыктуу аткарды. Өзүнүн ютуб каналы аркылуу улутка тиешелүү маселелер боюнча жеке оюн билдиргенден чарчаган жок. Айрым "Эл акыны", "Эл жазуучусу", "Эл артисти", "Эл баатырлары" өңдүү керектүү учурда башын кумга катып жатып албай, коомго тынымсыз коңгуроо кагып турду.

Кантели, шум ажалга айла жок экен, Дүйшөн ага! Баркыңызды билгендердин ичин ачыштырып, эртерээк кетип калдыңыз!

Жаткан жериңиз жайлуу, топурагыңыз торко, жаздыгыңыз мамык, бейитиңиз жарык болсун!

**Алтынбек ИСМАИЛОВ**



**P.S. Айтмакчы, а киши дүйнөгө баланын көзү менен караган, ашкере сезимтал жан эле. Былтыр Түркияга барганда, деңизди биринчи жолу көрүп, кылкылдаган акындардын парадына катышып, катуу толкундаганы эч эсимден кетпейт. "Мындай жерде жашагың эле келет, ыр жазгың эле келет, эч эле өлгүң келбейт экен!",- деп тамашалаганы дале кулагымда жаңырып турат.**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779, 34 СОМ

№11 (309)

29 11 2024

kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779, 34 СОМ

**Кыргыз тили**

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Башкы редактор:** Орозалы Жапар уулу 0(700) 93 25 03
**Жооптуу катчы:** Бактыгүл Өмүралиева 0(702) 52 59 42

КР Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:** 720040, Бишкек шаары, Айтматов көчөсү, 1/1
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил. "Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 24
**Буюртма:** 566
**Нускасы:** 3 100